63.3 (2Кы)
И 70

СЫДЫК ИМАНАЛИЕВ



# НАРЫН ОБЛУСУНУН ТАРЫХЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ
С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

СЫДЫК ИМАНАЛИЕВ

# НАРЫН ОБЛУСУНУН ТАРЫХЫ

*Монография*

Нарын облустук
китепканасы
№ 52507 сбо

«Бийиктик»
Бишкек – 2010

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
И 70

**Китеп Нарын мамлекеттик университетинин 15 жылдыгына арналат.**

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунушталды.

**Иманалиев Сыдык.**

И 70 **Нарын облусунун тарыхы.** Монография. – Б.: «Бийиктик», 2010. – 68 б.

ISBN 978–9967–13–408–9

И 4702300200–10
ISBN 978–9967–13–408–9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5

© Иманалиев С., 2010.

# КИРИШ СӨЗ

Кыргызстан – биздин Ата Мекенибиз, анын тарыхын билүү зарыл. Мекен аймактардан, жарандардан жана мамлекеттин атрибуттары болгон Желек, Гимн, Герб жана борбор шаардан турат. Бул энциклопедия окуу китеби эмес, сенин жан жолдошуң жана облустун тарыхы боюнча жол көрсөткүч. Андан сен өзүң мекендеген Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушундагы маанилүү окуяларды, тарыхый фактыларды жана өткөн доорлорго өзүнүн эмгегин, өрнөктүү өмүрүн калтырган тарыхый инсандар жөнүндө маалыматтарды табасың. Тарыхты үйрөнүү адамдын жандүйнөсүн байытып, маданий-саясий деңгээлин көтөрөт, инсандын коомдук көз карашын да калыптандырат.

Облуста эл үчүн, Мекен үчүн жанын үрөп кызмат кылган, учур менен келечекти акылында көрө билген адал иш, ак ниет эмгегинен баар табышкан инсандар арбын. Нарындан байыр алып, агарып-көгөргөн ондогон улуттардын өкүлдөрү бар. Эмгек ишмердүүлүгүн Нарын облусунда, Нарын шаарында иштешип, облустун социалдык-экономикалык, маданий өнүгүшүнө чоң салымдарын кошкон инсандардын ысымдарын түбөлүккө калтыруу максатында билим берүү жана маданий мекемелер, шаардын көчөлөрү аталган.

## ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛ

**Таш доору** – адам коомунун өнүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Кыргызстанда байыркы таш доорунан (палеолит) бери адамзат жашап келгендиги кызыгуу-ну туудурат. Анын анык далилдеринин бири – 1953-ж. Орусиялык академик А. П. Окладников (1908–1981) тарабынан Нарын өрөөнүндөгү Он-Арча суусунун боюнда ачылган Он-Арча журту. Мындан 300 миң жыл илгери жашаган Он-Арча журтунун байыркы тургундары бир жагы сомдолгон таш куралын жана таш кыргычты колдоно билген. Муз каптоо тартылган мезгилден кийин жашаган он-арчалык тургундар отту пайдалана билип, аң уулап, мөмө-жемиш терип, өсүмдүк тамырын казып, жыюучулук менен да күн көрүшкөн. Алардын топ-топ (үйүр-үйүр) болуп жашагандыгы болжолдонууда.

Теңир-Тоо аймагынын, анын ичинде Нарын облусуна кирген жана ага тарыхый жактан жамаатташ Тогуз-Торо өрөөнүнүн археологиялык жактан ар тараптуу изилдениши, негизинен, советтик жана андан кийинки эгемендик дооруна таандык. Бул иликтөөлөрдү проф. А. Н. Бернштам (40-жылдар), А. К. Кибиров (1953–1956-ж.), П. Н. Кожемяко, А. Ф. Винник, К. Ташбаева, К. Табалдиев ж. б. жүргүзүшкөн. Анын натыйжасында ачылган табылгалар Он-Арча тургундарынын кийинки мураскорлорунун этностук-маданий өнүгүүсүнүн ырааттуу баскычтарын аныктоого мүмкүндүк жаратты.

Байыркы таш доорунун адепки баскычынан бери Нарын жергесин байырлаган алгачкы жамаат адамдары катаал табигый шарттарга биргелешип жашоо аркылуу гана туруштук бере алышкан. Акырындап алар үйүрдүк бирикмеден жогорураак коомдук бирикмеге – урукка өсүп жетишкен. Байыркы таш доорунун соңку мезги-

линде (б. з. ч. 40–10 миң жыл) болгон бул өзгөрүүлөр энелик уруу жамааты (матриархат) менен байланыштуу. Ортоңку таш доору (мезолит б. з. ч. 10–6 миң жыл) Нарын дарыясы Кара-Суу куйган жерге жакын Узун-Акмат тоосунун боорундагы айтылуу Таш-Көмүр үңкүрүнөн табылган археологиялык эстеликтер аркылуу иликтенген. Бул учурда байыркы адамдар жаа жана учуна таш бекитилген жебени колдонууга жетишишкен. Жаңы таш доору (неолит, б. з. ч. 6–3 миң жыл) мезгили да Нарын дарыясынын өрөөнүнөн жана ага коңшулаш аймактардан табылган археологиялык табылгалар боюнча илимге дайын. Борбордук Теңир-Тоонун түндүк-чыгышында Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүнөн жошо менен тартылган кишинин, тоо текелердин, буканын, жыландардын сүрөттөрү, күндү аздектөөчү символдук белги, ал эми үңкүрдүн таманынан байыркы таш куралдары табылган. Дал ушул эстеликтерге үндөшкөн табылгалар Нарын шаарынын чыгышындагы Теке-Секирик үңкүрүнөн да чыккан. Мындагы таш курал (нуклеус), үңкүргө жакын тектирчедеги микролит сыныктары эмгек куралдарын жашоо технологиясы татаалдашканын айгинелейт. Бул доордо чакан уруктар да ири урууларга өсүп жетилген, алардын өз ара жуурулушуусу орун алган.

Нарын аймагында коло дооруна (б.з.ч. 2–1 миң жыл) таандык ар кыл эстеликтер табылган. Дал ушул мезгилден тартып, мал чарбачылыгы Нарын өрөөнүнүн калкынын укумдан-тукумга ырааттуу өткөн негизги чарба тармагына айланып, дыйканчылык болсо жака белдеги кошумча гана тармактык деңгээлде өнүккөн. Ат-Башы районундагы Арпа өрөөнүнүн Бурма-Чап жылгасынан табылган Арпа көрүстөнү коло доорунда жашаган адамдардан калган. Мындагы мүрзөлөрдөн адамдын күйгүзүлгөн сөөктөрү, чопо идиштер, мончоктор, коло билериктер табылып, деңиз деңгээлинен өтө бийик сыртта да мал чарбасы менен кесиптенген адамдар кеңири жашагандыгын

айгинелейт. Бул доордо уруулар аталык жамаат (патриархат) мүнөзүн алган, мүлктүк теңсиздик күч алып, алгачкы таптык мамилелердин келип чыгышы үчүн өбөлгөлөр түзүлгөн. Мал чарбачылыгы да өнүгүүгө ээ болуп, көчмөн мал чарбачылыгы деңгээлине жеткен. Коло доорундагы археологиялык эстеликтердин изилденишине караганда металл иштетүү кыйла деңгээлде өнүккөн. Буга 1976-ж. Кочкор районундагы Шамшы айылынан табылган 27 буюмдан турган коло буюмдар чогундусунун табылышы далил болот. Анын ичинде балта, балка, көзөөч, керки, орок, найзанын башы, бычак, күзгү, шибеге, уютулган коло бар. Химия технологиялык спектрдик анализге караганда буюмдардын көпчүлүгү жез менен калайдын кошундусунан жергиликтүү усталар тарабынан жасалган. Дал ошол доордун рухий дүйнөсү кеңири чагылдырылган Саймалы-Таш аска сүрөттөрү дээрлик 10 гектар аймакты ээлейт. Мында ар кыл көлөмдөгү жылмакай таштарга адам, тоо эчки, теке, аркар, бугу, жылкы, төө, бука, илбирс, карышкыр, жылан ж. б. жаныбарлардын сүрөттөрү, күндү аздектеген диний ишенимге таандык белгилер чегилген. Байыркы адамдардын турмушу эки же төрт дөңгөлөктүү арабаны айдоо, өгүз чегилген бууруусун менен жер айдоо, жаа менен кайберенди атуу, диний маанидеги бийди аткаруу сыяктуу сүрөттөрдө чагылдырылып, байыркы теңир-тоолук тургундардын социалдык-экономикалык жана маданий-руханий турмушунан ар тараптуу кабар берет. Бул доордун заттык маданияты Кочкордогу Шамшы буюм-тайым чогундусундагы коло буюмдары аркылуу да сыпатталат.

# БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛ. ЭРТЕ ТАПТЫК МАМИЛЕЛЕР

Б. з. ч. 1 миң жылдыктын ичинде Теңир-Тоо аймагы да жалпы эле Борбордук Азия чөлкөмү сыяктуу калкынын социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсү жаатында да, технологиялык жаатта да илгерилөө үстүндө болду. Уруулук бирикмелер алгачкы таптык түзүлүштөргө – байыркы феодалдык мамлекеттерге өсүп жетилди. Коло куралдары темир куралдары менен алмашыла баштады. Б. з. ч. 1 миң жылдыктын ортосунда Нарын аймагын жердеген көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген уруулардын өздүк этностук аталышы кандай болгону илимде азырынча белгилүү эмес. Байыркы ирандык жазма булактарга таянышып, аларды жалпысынан «сактар», Жети-Суу жана Теңир-Тоо аймагын жердеген сактарды болсо «тиграхауда сактары» («чуштугуй калпакчан сактар») деп аташкан. Бул жалпылама ат, чындыгында, ал көчмөн мал чарбачылыгы менен күн көргөн ар кыл тилдерде сүйлөгөн этностордун (алардын ичинде прототүрк тилинде да, чыгыш ирандык диалектиде да сүйлөгөн ар кыл уруулардын жана элдердин) сырткы аталышы — экзоэтноними болуп саналат. Тиграхауда сактары расалык түспөлү жагынан да Орто азиялык (батыштык) сактардан монголоиддик белгилери боюнча саал айырмаланып турган.

Б. з. ч. 1 миң жылдыктын акыркы үчилтигинде тиграхауда сактары аскердик демократия түзүлүшүнөн алгачкы феодалдык мамлекеттик түзүлүшкө көтөрүлгөн. Алар отко табынган (Теңир-Тоонун чыгышында эзелтеден байырлап, б. з. 5-да Энесай өрөөнүнө журт которгон байыркы кыргыздардын да отко табынганы, отко күйгүзүлгөн арча менен үйдү аластоо азыркыга чейин кыргыздарда сакталып калгандыгы белгилүү). Теңир-Тоо аймагында табылган сактарга таандык археологиялык эстеликтердин арасында отту аздектөө жөрөлгөлөрүн жасоого ыңгайлуу чырагдандар табылган. Тиграхауда сак-

тары жердеген аймактын батыш өңүрү байыркы ирандык уламыштардагы турлардын жери – Туран менен да байланыштуу. Бул сөздү «түрк» жана «Түркстан» сөзүнүн эң байыркы түрү катары жоромол кылышууда. Казак археологу К. Акишев Эшик (Есик) көрүстөнүн казып, Алматы шаарынан 50 чакырымдай чыгышыраактагы бул теңиртоолук эстеликте күмүш идиштин бетине чийилген жазуу табылган. Ал жазуу айтылуу орхон-энесай жазмасы сыяктуу көрүнүшкө ээ болсо да, алигиче чечмеленип окула элек. Арийне, бул жазма эрте феодалдык тиграхауда сактарынын мамлекетинде улуттук жазманын калыптангандыгын айгинелейт.

Нарын аймагынын андан кийинки тарыхы Усун мамлекети (б. з. ч. 2-к. – б. з. 5-к.) менен байланыштуу. Прототүрк тилдеринин биринде сүйлөгөнү божомолдонгон, расалык жактан европеоид жана монголоид белгилери айкалышкан усундар б. з. ч. 3-кылымда азыркы Гансу аймагынын батышында – Циляншан тоосу менен Дунхуандын ортосунда жашаган. Чыгыш ирандык тилде сүйлөгөн йуэчжи уруулары усундарды б. з. ч. 3-кылымдын акыркы чейрегинде (209-жылга чейин) Батыш Монголия тарапка сүрөт. Дал ошол доордо байыркы түрктөрдүн бабаларынан болгон хуннулардын бийлик ээси Модэшанүй Борбордук Азияда эң ири көчмөндөр мамлекетин негиздей баштайт. Ал усундарды өз карамагына алып, йуэчжилерден курман болгон усун өкүмдарынын жетим калган баласына күн бий титулун берет. Усун күн бий оболу Жунгарияда туруп, ал эми б. з. ч. 165-жылга карата хунну жана усун аскерлери Дунхуан аймагындагы йуэчжи мамлекетин таптакыр ойрон кылышкан соң, б. з. ч. 165–160-жылдар аралыгында усундар Жети-Сууну–Нарын аймагын өзүнө каратып алышкан. Б. з. ч. 161–158-жылдар аралыгында усун күн-бийи өз мамлекетин көз карандысыз деп жарыялаган. Б. з. ч. 1-кылымдада Усун мамлекетинин түндүк-чыгышында – Чыгыш Теңир-

Тоодогу Боро-Хоро тоо кыркасынан түндүгүрөөктө байыркы кыргыздар жашап, алардын жери б. з. ч. 201-жылдан тартып, хунну мамлекетинин түндүк батыш чек ара аймактарынын бирин түзүп турган. Кыргыздардын мамлекеттик тарыхынын башаты да дал ушул чыгыш теңир-тоолук кыргыз журту менен байланыштуу Усун мамлекетинин байтакты шаары Чигу («Чигучэн» – «Кызыл өрөөндөгү коргондуу кыштак») Ысык-Көлдүн түндүк чыгышындагы Сары-Булуң шаар калдыгынын ордунда болгон. Усундардын жалпы түтүнү 120 миңге (калкы – 630 миң кишиге) жетип, аскер саны – 188000 кишиге жеткен. Кытайлык булактарда: «Усундар дыйканчылык менен да, багбанчылык менен да кесиптенишпейт. Алар суунун жана жайыт отунун ыңгайына карап, мал жаны менен бир жерден экинчи жерге конуш которуп, көчүп жүрүшөт», – деп баяндалган. Арийне, дыйканчылык жардамчы чарба тармагы катары өнүккөнү археологиялык табылгалар аркылуу айгинеленүүдө. Бүгүнкү күнү сак жана усун дооруна таандык археологиялык эстеликтер кеңири белгилүү казылып алынган маалыматтарга караганда Нарын аймагында жыш жайгашып, тоолуу аймактын бардык жерин өздөштүрүшкөн. Мал чарбачылыктагы негизги жандыктар жылкы жана кой болгон. Бир беткей мал чарбачылык гана эмес, алардын турмушунда дыйканчылык, металл өндүрүү, кол өнөрчүлүк белгилүү орунда турган. Улуу жибек жолунун пайдубалы төшөлгөн б. з. ч. 2-кылымдан тартып, Нарын аймагы ар кыл эл аралык соода алакаларынын таманында жайгашып калган. Маселен, нарындык усундар түштүк жана түштүк-чыгышында Кашкар (Сулэ), Жаркент (Соңзүй), Куча (Цзүйцзы, азыркы кытайча аталышы – Иниң), Кропайна (Лобнор көлүнүн аймагындагы мамлекет сыяктуу өлкөлөр менен батышта – чыгыш Ферганалык Даюан (Даван, чыгыш ирандык аталышы – Паркана) жана андан түндүгүрөөктөгү Каңгүй (Каңгы) мамлекети менен

соода алакаларынын жолун ээлеп турушкан. Бул карым-катнаштын эл аралык жолу кылымдарды карытып сакталып келди. Арийне, бул соода жолу айрым учурда аны көзөмөлгө алууга ынтызарланган өлкөлөрдүн өз ара араздашуусуна алып келген. Маселен, б. з. ч. 104–103-жана 102–101-ж. байыркы кытайлык Хан сулалесинин аскерлери Даван мамлекетине эки ирет жортуул жасаган. Алар азыркы Торугарт ашуусу аркылуу өткөндүгүн божомол кылууга болот. Б. з. ч. 1-кылым ичинде усундар да ич ара хунну тараптык жана хан тараптык саясий лагерлерге жиктелип өз ара күрөшкөн. Ал эми б. з. ч. 80-жылдан тартып усундар өздөрүнүн мурдагы ынтымакташы болгон хуннуларга каршы ачык согуштук саясат жүргүзүүгө өткөн. Б. з. ч. 51-ж. усундар расмий түрдө эки канатка жиктелген. Алардын бири – хунну тарабын тутса, экинчиси – хан тарабын колдогон. Дал ошол доордо, Чыгыш Теңир-Тоонун түндүгүндөгү кыргыздар б. з. ч. 56–49-ж. өздөрүн хуннулардан көз карандысыз деп жарыялап, чакан мамлекетин түзгөн. Кытайлык жазма даректерде бул кыргыз мамлекети «го» — «падышалык» термини менен белгиленет (тарыхчы Бан Гу жазган «Хан сулалесинин тарыхы» аттуу алгачкы жылнаама). Б. з. ч. 49-ж. түндүк хуннулардын шанүйү Чжичжи кыргыз өлкөсүн кайрадан басып алып, аны плацдарм кылат. Каңгүй падышалыгы менен согуштук ынтымак түзүп, б. з. ч. 47-жылдан тартып аары Чжичжи шанүй усундарга каршы жортуулду Талас аймагы тараптан уюштуруп турган. Ал түгүл б. з. ч. 42-ж. ал Чигу шаарын каратып алган. Айрым изилдөөчүлөр кыргыздар Борбордук Теңир-Тоого алгачкы ирет дал ушул кезенде аскер күчү катары келгенин божомол иретинде белгилешүүдө. Арийне, кыргыздын негизги журту Чыгыш Теңир-Тоодо болгон. Б. з. ч. 36-ж. усундар өз мамлекетинин эгемендигин толук калыбына келтирген. Усун мамлекетти б. з. 5-кылымга чейин жашап турган. Анын Нарын өрөөнүндөгү издери усундук мүрзөлөрдөгү табылгалар аркылуу иликтенүүдө.

## ТҮРК КАГАНДЫКТАРЫНЫН ДООРУ

«Орто кылымдардын алгачкы мезгили» аттуу шарттуу аталган доор Нарын өрөөнүнүн саясий тарыхында Түрк кагандыктары бийлеген мезгил катары дайын. Б. з. 5-кылымда Теңир-Тоо аймагынын батыш тарабы эфталиттердин, чыгыш бөлүгү жуан-жуандардын (жужандардын) таман астында калган. Дал ошол доордо Түндүк Батыш Кытайдагы Хэси аймагын жердеген байыркы түрктөрдүн ашина урууcу Чыгыш Түркстан аркылуу Алтайга сүрүлүп келет, алар менен саясий ынтымакта болгон кыргыздар Чыгыш Теңир-Тоодон Энесай аймагына сүрүлөт. Жаңы аймактарда бул эки этнос өз мамлекеттерин калыбына келтиришет. Энесайда Кыргыз кагандыгы (6-к. аягы 8-к. башы) түзүлсө, Алтайды жердеген ашина уругу Евразиядагы эң ири эфемердик мамлекетти – Улуу Түрк кагандыгын (552–581-жж.) негиздешкен. Нарын өрөөнү бул кагандыктын батыш канатына таандык болгон 582-жылдан тартып, ич ара сулалелик күрөш жүрүп, акыры 603-ж. Батыш Түрк Кагандыгы (603–704-ж.) толугу менен өз алдынча саясат жүргүзгөн дөөлөткө айланган. Анын байтактысы Чүй өрөөнүндөгү Суйаб шаары (Ак-Бешим шаары) болгон. Бул шаар өз саясий маанисин Түргөш (704–766-ж.) мезгилинде да сактаган. Улуу Түрк кагандыгы доорунан Чоң-Ноо, Таш-Төбө, Беш-Таш-Короо сыяктуу көрүстөндөр сакталып жетти. Аларда сөөк көмүү жөрөлгөсүндө жылкынын сөөгүн кошо көмгөндүгү менен айырмаланат. Сөөк коюу жөрөлгөсүндөгү бул жаңы салт (усун көрүстөндөрүндө жылкы сөөгү учурабайт) алтайлык түрктөрдүн көмүү жөрөлгөсүн алышып, Улуу Түрк кагандыгы доорунда Алтайдан жана Борбордук Азиянын чыгышынан Нарын аймагына жаңы этностор келгенин,

жергиликтүү калк менен өз ара жуурулушканын далилдейт. Батыш Түрк жана Түргөш кагандыктары доорлоруна (6–8-к.) таандык көрүстөндөр Нарын өрөөнүндөгү Ала-Мышык, Балта-Бейит, Бел-Саз, Беш-Таш-Короо, Сүттүү-Булак, Таш-Төбө, Туура-Суу сыяктуу жерлерде табылган. Казанак жана жарма көрлөргө маркумдун сөөгү жайгаштырылып, кире бериштеги чуңкуруна жылкынын сөөгүн ат жабдыгы менен кошо коюшкан. Адатта, маркумдун башы чыгышка каратылса, жылкы сөөгүнүн башы батышка каратылып коюлган. Кээде экөөнүн тең башы түндүккө же батышка каратылып жаткырылган. Изилдөөлөргө караганда түндүк жана батыш тарап байыркы түрк урууларынын мифологиясында маркумдардын дүйнөсү катары кабылданган. Жалгыз жылкы көмүлгөн көрлөр (кенотаф) да учурайт. Алар көбүнчө жоодон кайтпай калган жоокерлерге арналган. Түрк кагандыктары доорунан көптөгөн таш балбалдар – таштан жонулган киши сөлөкөттөрү Нарын жергесинде табылган. Академик. В. В. Бартольд 1893-ж. жазып калтыргандай, мындай таш балбалдардын бири Ат-Башы кыштагынын батыш этегинде жана Талды-Сууда табылган. А. К. Кибиров Туура-Суу, Кара-Кужур, Суусамыр аймактарынан балбал тапса, Я. А. Шер Соң-Көлдөгү балбалдарды иликтеген. К. Табалдиев Эчки-Башы, Чуңкур-Суу балбалдарын тастыктады. Нарын чөлкөмүндөгү ар кыл өрөөндөрдөн табылган балбалдар тууралуу А. Н. Бернштамдын, М. И. Москалевдун ж. б. иликтөөлөрүндө да маалымат бар. Ташка кыйла чебер чегип түшүрүлгөн маркумдардын түркүн келбеттери байыркы түрк доорунда монумент өнөрүнүн өнүккөндүгүнүн далили. Нарындагы балбалдар эркекке да, аялга да таандык. Балбалдар диний ырым-жырымдар, аш берүү, маркумдун жанын тиги дүйнөгө узатуу жөрөлгөлөрү менен тыгыз байланыштуу болгон. Аларды байыркы түрктөрдүн «теңирчилик» диний-философиялык системасынын үнсүз күбөлөрү катары сыпаттоого болот.

## КАРЛУК ЖАНА ЙАГМА КӨЧМӨНДӨРҮ

Карлук жабгулугу (766-ж. 9-к.) мезгили Теңир-Тоого, анын ичинен Нарын аймагына чыгыштан түрктөрдүн жаңы урууларынын агылып келиши менен айырмаланат. Негизинен, Чүй өрөөнүн жана Жети-Сууну жердеп, Суй-аб шаарынын колуна алган карлуктар Батыш Түрк кагандыгы доорундагыдай бекем мамлекетти түптөй алышкан эмес. Алардын өкүмдарынын титулу да «каган» эмес, «жабгу» гана болгон. Йагма, чигил, түргөш сыяктуу башка элдер өз алдынча саясий тизгинге ээ болууга умтулуп, сепараттык күрөш жүргүзүшкөн. Тоолуу Нарын аймагы, негизинен, көчмөн жана согушчан йагма элинин колунда болгон. 8-к. башында йагмалар тогуз-огуз согуштук-саясий ынтымагына кирген. Арийне, кийинчерээк Уйгур кагандыгы (744–840) түзүлгөндө карлуктар менен йагмалар бул кагандык менен саясий тил табышпай, Теңир-Тоого журт которуп келишкен. Фарсы тилинде жазган тарыхчы Гардизинин (9-к.) 8-к. таандык маалыматына караганда йагмалар оболу түргөш каганына кызмат кылышкан. 766-ж. бул кагандык талкаланып, тактыга карлук өкүмдары Элетмиш жабгу отуруп, Нарын аймагындагы йагмалар ага баш ийип калышкан. 9-к. ортосунда Карлук жабгулугу гана алсырабастан, Борбордук Азиянын ичкерки аймактарында да ири саясий өзгөрүүлөр болду. Уйгур каганынын Орхондогу ордосу таптакыр талкаланып, Энесай Кыргыз кагандыгы Борбордук Азиядагы ири дөөлөткө өсүп жетилди. «Улуу Кыргыз дөөлөтү» («Кыргызское великодержавие») – деп академик В. В. Бартольд атаган, бул эфемердик көчмөн мамлекет (840-ж. 9-к. алгачкы чейреги) чыгышта Хинган тоолоруна, батышта Теңир-Тоого чейинки ири аймактарга жүрүш уюштурду. Бул жортуулдар маалында уйгурлар үч салаа болуп журт которду ж-а Эдзин-Гол, Ганьчжоу, Турпан аймактарына чейин качып, бул жерлерде чакан мамлекеттерин калы-

бына келтиришти. Кыргыздардын бир бөлүгү да Чыгыш Теңир-Тоого келип, байырлап калышты. 10-к. таандык фарсыча жазылган автору белгисиз «Худуд ал-аалам» («Ааламдын чөлкөмдөрү», 982-ж.) аттуу эмгекте: «Кашкар аймагы... йагмалардын, тибеттиктердин, кыргыздардын жана Чын (Кытай) аймагынын ортосунда жайгашкан. Кашкардын акимдери мурда карлуктардан же йагмалардан болоор эле» – деп айтылып, жаңы этностук-саясий кырдаал сыпатталган. Ушул эле эмгекте Чыгыш Түркстандагы Пенчул шаары эми кыргыздардын колуна өткөнү, кыргыздардын бир бөлүгү теңир-тоолук тухси элинин батышында байырлап калганы тууралуу ж. б. маалыматтар камтылган. Айрым кытайлык жана мусулмандык (фарсыча жана арабча) эмгектерде кыргыздардын отко сыйынганы айтылат. Энесай кыргыздарынын маркумдун сөөгүн өрттөө жөрөлгөсү илимде кеңири маалым (жаш балдар өлсө гана алардын руху таза экендигинен улам өрттөлбөй көмүлгөнү археологдор тарабынан далилденген). Нарындагы Ала-Мышык көрүстөнүн казуу маалында археологдор А. Н. Бернштам, 80-жылдардын этегинде К. Табалдиев жана Ю. С. Худяков энесайлык кыргыздардын сөөк өрттөө жөрөлгөсүнө окшош белгилери бар мүрзөнү казышты. Жазма булактарга караганда Энесай кыргыздары Теңир-Тоого келген учурда маркумдун сөөгүн өрттөбөй көмө баштаткан. Ала-Мышыктагы казуулар, өрттөбөй көмө баштаган менен, көмүү учурунда көрдүн ичине өрт коюп, от аркылуу тиги дүйнөгө узатуу расмисинин сакталып калгандыгын далилдейт. Маркумга таандык буюмдардын өзгөчө чуңкурга көмүлүшү энесай кыргыздарына гана мүнөздүү каада-салт. Кочкор өрөөнүндөгү археологиялык табылгалардын айрымдарын да профессор Ю. С. Худяков энесайлык табылгаларга окшоштурууда. Демек, 9-к. ортосу – 10-к. ичинде нарындык йагмалар менен кыргыздардын батыш өкүлдөрү өз ара этностук-маданий алакага ээ болгон.

## КАРАХАНИЙЛЕР ДООРУ

10-к. ортосунда жалпы Теңир-Тоо аймагында, анын ичинен азыркы Кыргыздын чөлкөмүндө, жаңы ири мамлекет Караханийлер кагандыгы пайда болду (940–1212). Аны бир кезде карлуктар менен саясий ынтымакташ болгон чигил элинин төбөлдөрү негиздешкен. Чигилдердин түздөн-түз колдоочулары йагмалар эле. Караханийлердин титулдарында да ушул эки элдин бийлик төбөлдөрүнөн мурасталган «буура каган», «арслан каган», «арслан элик» сыяктуу бийлик даражалары кезигет. Нарын аймагында көчүп-конуп жашаган йагма ж. б. элдердин уруулары Караханийлер кагандыгынын аскердик ак сөөктөрүнүн таянычы болгон. Мамлекеттин башчысы Сатук Буура каган ислам динине биринчи болуп өткөн бийлик эгеси катары маалым. Ал өзүнө «Абзал-Керим» «Айкөл (Алланын) Кулу» деген жаңы ысымды алган. Ал өлгөн соң тактыга келген уулу Байташтын (мусулманча ысымы Муса) маалында 960-ж. ислам дини Караханийлердин мамлекеттик динине айланган. Дал ошол доордон тартып, Нарын аймагында мусулмандык салт расмий тарай баштайт. Орхон, Энесай, Талас сыяктуу жерлердеги руна сымал жазма маданиятын, андан соң уйгур жазмасын өздөштүргөн, сириялык несторийлер менен келген батыш жазмасын, ошондой эле орто азиялык согду жазмасын билген түрк элдеринин билимкөйлөрү 10-к. тартып, Теңир-Тоодо араб жазмасын да кеңири колдоно башташат. Караханийлер доору маданий өнүгүүнүн да кезеңи болгон. 10-к-да араб-мусулман маданиятынын алкагында Ортоңку Чыгыш аймагында өнүккөн «шуубиййа»(«элдүүлүк») кыймылына 11-к. караханийлик түрктөр да кошулган. Алардын маданий берметтеринин бири – Жусуп Баласагуни 1069-70-ж. Кашкар шаарында жазып бүткөн «Кутадгу билиг» («Куттачу билим») аттуу насаат, осуят, философиялык

ой-толгоолор, этнографиялык жана социологиялык байкоолор камтылган жергиликтүү түрктөрдүн алгачкы мусулмандык-саясат таануучулук поэмасы болуп саналат. Экинчи бир берметтеги Барскандан (Ысык-Көлдөн) болгон караханийлик бектин урпагы Махмуд ибн ал-Хусейин ал-Кашгари жазган араб тилиндеги «Дивану лугати түрк» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы», 1072–77-ж.) аттуу энциклопедиялык бай маалымат камтыган сөздүгү болуп саналат. Бул эмгектеги дүйнөнүн тегерек картасынын чордондук бөлүгүндө Ысык-Көл, Чүйдөгү Баласагун шаары жана азыркы Кочкор аймагындагы ири шаар – Кочкор-Башы (Кочңар-Башы) чагылдырылганы өзгөчө көңүл бурдурат.

Караханийлердин тушунда Нарын аймагында отурукташуу тездеп жүрүп, бир катар шаарлар пайда болгон. Алардын бири Кочкор-Башы шаары өз кезегинде Занби-Арт (азыркы Шамшы) ашуусу аркылуу Баласагун шаары (Токмоктун түштүк-батышындагы Бурана шаары чалдыбары) менен байланышып турганын, Кочкор-Башынын жанында Созуң-Көл (азыркы Соң-Көл) көлү жайгашканын Махмуд Кашгари эскерет. Кочкор-Башы топоними Фирдоусинин (940–1020 же 1030) айтылуу «Шахнаме» дастанында да чагылдырылган (Т. Чоротегиндин маалыматы). Караханийлерге таандык дагы бир ири шаар – Ат-Баш шаары (Ат-Башы) шаары болгон (Кошой-Коргон шаар чалдыбары). Азыркы Ат-Башы кыштагынан 12 чакырымдай батыш тарапта, Кара-Коюн суусунун сол өйүзүндө жайгашкан бул шаар Улуу жибек жолунда болуп, мусулман саякатчылары түзгөн жол көрсөткүчтөрдө аты эскерилген. Араб тарыхчысы Ибн ал-Асир (13-к. башы) «Тарих ал-камил» («Ийисине жеткирилген тарых») аттуу ири эмгегинде 11-к. ортосундагы Караханийлердин ички такты талашуу күрөштөрүн жазып, Ат-Башы чебин эскерет. Кашкарда турган Чыгыш Караханийлердин каганынын бир тууганы Жакыптегин (Йакуб тегин) аттуу

төбөл дал ушул чепти бийлеп турган. Жакыптегин самаркандык чигилдердин аскер төбөлү Айн ад-Дауланын чакыруусу менен Самарканга чейин келип, аны убактылуу басып алганы жана кайрадан өз мекенине чегинип кеткени Ибн ал-Асир тарабынан эскерилген. Жакыптегин азырынча Караханийлер доорунда Нарын өрөөнүндө бийлик жүргүзгөн аты белгилүү Ак-Талаа аймагындагы Шырдакбектин чеби делинип жүргөн шаар калдыгы да, негизинен, Караханийлер доорунда өсүп-өнүккөн шаардын орду болуп саналат. Аны А. Н. Бернштам, В. М.Плоских сыяктуу айрым илимпоздор жаңылыш түрдө «Кажангар-Башы» деп атап, Кочкор-Башы менен чаташтырып келишкен (1950–90-ж.). Бул пикирдин негизсиздиги Т. Чоротегин тарабынан такталган. Шырдакбектин чеби Алабуга суусунун оң өйүзүндө орун алган (байыркы аталышы беймаалым). Жумгал өрөөнүндөгү Түгөл-Сай шаар чалдыбары П. Н.Кожемяко тарабынан казылып, 10–12-к-га таандык шаардын орду катары тыянак чыгарылган. Ушул эле доордо Ат-Башы өрөөнүндөгү Таш-Рабат капчыгайында деңиз деңгээлинен 3200 м бийиктикте айтылуу Таш-Рабат кербен сарайы (10-к. аягы 12-к.) курулган. Ал соодагерлер үчүн гана эмес, көчмөн түрктөрдүн арасында сопучул маанайдагы мусулмандык үгүттөрүн жүргүзгөн нечендеген сопу дервиштер үчүн да түнөк болгон. Анын аскердик кароол үчүн да бекемделген түнөк жай катары мааниси болгондугу божомолдонууда. 12-к. 28–30-жылдары Чыгыш Түркстан, андан соң Теңир-Тоо аймагы Түндүк Кытай тараптан келген моңголдорго тектеш кытан (кидан) элинин бир бөлүгүнүн таман астында калды. Нарын аймагы да тарыхта «кара кытай» деп аталып калган ошол элдин өкүлдөрү түзгөн мамлекеттин курамына кирген. Кара кытай бийлик эгеси «гур-хан» (көл сыяктуу терең бийликке эгедер хан) титулун алган. Кара кытайлар менен бирге бутпарас (буддизм) жана манихей динин туткан чыгыш түрк урууларынын бир

52507 сбд
Нарын облустук китепканасы

катарлары да Ички Теңир-Тоо аймагына журт которуп келген. 12-к. акыры 13-к. башында Монголия аймагында бир катар монгол тектүү жана чыгыш түрк элдеринин саясий гегемония үчүн айыгышкан күрөшү жүргөн. Найман, татар ж. б. элдер жеңилип, монгол төбөлү Темучжин (түркчөдөн —»Темирчи») 1206-ж. бүткүл монголдук хан Чыңгыз хан («Теңиз хан» – Деңиз сыяктуу эбегейсиз бийликке эге хан») деп жарыяланган. Дал ошол кезеңде наймандардын талкаланган күчтөрүнүн бир бөлүгү менен Күчлүк ас-Сегизи Теңир-Тоого баш калкалап келет (1208). Күчлүк Кара Кытай мамлекетинин гур-ханынын кызына үйлөнүп, бир аздан соң бийликти толук өзүнө ыйгарып алат (1211–18). Оболу несториан (христиандык тарыкат) динин туткан Күчлүк өз жубайынын (тарыхчы Жувейнинин маалыматында — кара кытай кол башчысынын кызынын) динин — бутпарастыкты кабыл алган жана Чыгыш Түркстанда мусулмандарга каршы ачык кугунтуктоо уюштурган. 1218-ж. анын колун Жебе нойон баштаган монгол аскерлери талкалап, өзү болсо Памир (Бадахшан) тарапка качып барган жеринен өлтүрүлгөн.

## МОНГОЛ ЧАПКЫНЫ ДООРУ

Чыңгыз хан өз бийлигин 13-к. алгачкы он жылында жалпы Монголия аймагында, негизинен, чындап бүткөн. 1207-ж. коён жылы, анын уулу Жучи баштаган кол түндүккө жортуул жасаганда, энесайлык кыргыздардын бектери тартуулары м-н келип, Чынгыз хандын бийлигин таанышат. 1217-ж. кыргыздардын коңшусу болгон түмет эли көтөрүлүш баштайт. Кийинки, 1218-ж. барс жылы алардын дагы бир уруусу көтөрүлгөндө бул козголоңду басууга кыргыздарга буйрук берилет. Бирок кыргыздар өздөрү да монгол төбөлдөрүнө каршы көтөрүлүшкө чыккан. Жучи кыргыздардын көтөрүлүшүн ырайымсыздык менен баскан. Ошол эле 1218-ж. Чынгыз хандын кошуундары Орто Азияга аттандырылган. Нарын аймагы да Чынгыз хандын ири дөөлөтүнүн курамына каратылган Найман жана монгол чапкындары Нарын аймагындагы калыптанып калган отурукташкан маданияттын очоктору үчүн оор сокку болгон. Жергиликтүү калктын чарбачылыгы чоң бүлгүнчүлүккө учураган. 13-к. ичинде улам жаңыдан агылып келген монгол тилдүү уруулар жана алардын курамындагы чыгыш түрк уруулары Нарын аймагынын этностук кырдаалын чукул өзгөрткөн. Дал ушул кылымда Теңир-Тоого энесайлык кыргыздардын дагы бир агымы келип кошулган. 13–14-к. жерге түрк калкынын жана келгин түрк-моңгол урууларынын теңир тоолук кыргыздардын чөйрөсүндө жуурулушуусунун доору болду. Саясий тарых жагынан ал Чыңгыз хандын урпактары – Чататай менен Үгөдөйдүн тукумдары бийлеген кезең эле. Маселен, Үгөдөйдүн небереси Хайдухан (1269–1301) монголдук улуу ханга иш жүзүндө эч баш ийбей өз өкүмүн Чыгыш жана Батыш Түркстанда жүргүзүп турган. 13–14-к. таандык археологиялык эстеликтер Кичи-Ага, Чырпыкты, Туура-Суу, Бел-Саз, Сүттүү-Булак жергелеринде К.Табалдиев тарабынан изилденген. Маркумдун сөөгүнүн

бут тарабына ээр, үзөңгү, жүгөн, басмайыл жайгаштырылган. Болжолу бул байыркы түрк дооруна мүнөздүү ат жабдыгы менен көмүү салтынын өзгөргөн түрү. Калган маркум буюмдары жашына, жынысына, социалдык абалына ылайыкталган жоокердин жанынан жаа, жебе, бычак, аялдардын жанынан күзгү, идиш өңдүү буюмдар кездешкен. Сөөктү көмүү салты табылгалар Борбордук Азия тараптан ооп келген уруулар менен жергиликтүү уруулардын ортосундагы тыгыз байланышты маданий алакаларын жана салттардын жуурулушун чагылдырып турат. Моголстан мамлекети 14-к. ортосунда Чагатайдын урпактарынын бири Тоглук Темир (1348–63-ж. бийлеген) негиздеген мамлекеттик тарыхта – Моголстан» деп аталып калды. Ал Орто Азиянын чыгыш бөлүгүн, анын ичинен Нарын аймагын, Жети-Сууну, Чыгыш Түркстанды жана Жуңгарияны ээлеген түрктөшүп кеткен монгол төбөлдөрү өздөрүн «могол» дегендиктен, бул өлкөнүн саясий аты «Моголстан» «Моголия» болуп калган. Арийне моголдор түрк тилинде эле сүйлөшкөн. Алардын негизги калктары түрктөшкөн монгол уруулары, чыгыш түрк уруулары жана кыргыздар болгон. Нарын аймагы Моголстандын Маңлай-Сүбө аттуу тарыхый чөлкөмүнө кирген. Кыргыздар 15-к. тартып, Моңголстандагы өз алдынча күч катары саясий жактан жигердүүлүгү көрсөтө баштайт. Өзбекстандык академик Б.Ахмедов кыргыздарды дал ушул доордогу Кыргызстандын жергиликтүү калкы катары сыпаттайт. Тарыхчылар Ө.Караев, Т.Чоротегин, М.Кожобеков, Ю. Худяков, К.Табалдиев, Т.Бейшеналиев ж. б. 13–15-к. жергиликтүү башка калктардын кыргыздарга жуурулушуу жараяны болуп өткөнүн ырастаган пикирлерин жарыялашты. «Моголстандын токой арстандары» – деп тарыхый булактарда бааланган кыргыздар 15-к. акыры 16-к. башынан тартып, өз алдынча мамлекет курууга талаптанышат. Тарыхчы Мухаммед Хайдар «Кыргыздар деле могол урууларына кирет, бирок хакан-

дарга уламдан-улам баш ийбей каршы чыга берип, акыры алар моголдордон бөлүнүп кетишти. Бардык моголдор мусулманчылыкка өтүп, исламдын жолдоочуларынан болуп калышты. Ал эми кыргыздар болсо дагы эле динсиз бойдон кала берүүдө» – деп жазган. Арийне мында могол төбөлдөрү өздөрүнүн саясий каршылаштарын идеологиялык максаттарда «капыр» деп айыптаганын эске алуу керек.

Шараф аз-Заман Тахир Марвазинин 1120-ж. жазылган «Табан ал-хайаван» («Айбанаттын табигый сырлары») аттуу эмгегинин түрктөр тууралуу тиркеме бөлүмүндө Чыгыш Теңир-Тоону байырлап калган кыргыздар сөөк өрттөө жөрөлгөсүн таштап, мусулмандардын сөөк көмүү салтына өткөндүгү айтылган. Ал эми 16-к. жазылган Сайф ад-Дин Ахсыкендинин «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйындысы») аттуу эмгегинде ходжентик кыргыздар султан Санжардын кара кытайларга каршы урушу маалында эле (12-к. ортосу) ислам тарабындагы жаанкерлер катары көрсөтүлөт. Демек, кыргыздардын исламга өтүүсү 10–15-к. бир нече баскыч менен жүргөн татаал тарыхый көрүнүш болгон. К.Табалдиев, О.Солтобаев, В.Худяков биргелешип жүргүзгөн. Нарын аймагындагы акыркы археологиялык казуулар (1988–96) Караханийлер маалында жана монгол чапкынынан кийин да нарындык жергиликтүү калктын сөөк коюу жөрөлгөсү мусулмандык салт менен байланыштуу болгондугун тастыктап берди. Албетте, кыргыздар исламга чейинки бир катар салттык ырым-жырымдарын да жаңы дин менен айкалыштырып уланта беришкен. 16-к. башындагы кыргыздын саясий төбөлү Мухаммед Кыргыз болгон. Ал могол хандарына каршы казактар менен саясий ынтымак түзүүгө жетишкен. 1524-ж. казак ханы Дайыр (Тахир) Кочкор жергесинде могол ханы Абд ар-Рашид (Ирешe) хан менен жолугуп, ага өз карындашын берет. Кыргыздар Дайыр хан менен ымала түзүп калганын билип, Абд

ар-Рашид ошол эле жылы Мухаммед Кыргызды Кашкарга байлап-матап алып кетет. Мухаммед Кыргыз 1533-жылдан кийин гана бошотулган. Кыргыздын Дайыр хан менен ымала түзүүгө үлгүрбөгөн бөлүгүн могол төбөлдөрү Ат-Баш (Ат-Башы) жергесине көчүрүп кеткен. 1526-ж. моголдор Теңир-Тоону таштай качышып, кыргыздын 100000 коюн айдап кетишкен. Алардын бул жортуулу тарыхта «кой чериги» («кой жортуулу») деп аталып калган. 1527-ж. Ат-Башыга кыргыз-казак ынтымагынын башчысы Дайыр хан колу менен келип, кыргыздардын бул жердеги бөлүгүн бошоткон. Бул окуялардан кийин могол хандары кыргыз жергесин кайрадан ээлей алган эмес. Кыргыздардын арасында жуурулушуп калган могол уруулары «моңолдор» деген аталышты сактап калды. Бир катар могол төбөлдөрү Чыгыш Түркстанда уйгурларга жуурулушкан 16-к. ортосунда (1558-ж.) Түркстан аймагында болуп кайткан англиялык саякатчы Женкинсон кыргыздар Кашкар шаарына коркунуч туудуруп жатканын эскерген. Бул маалда кыргыздар казактар менен согуштук ынтымагын сактаса да өз алдынча саясат жүргүзүп калганын академик В.В.Бартольд белгилейт.

16-к. аягында, 17-к. башында теңир-тоолук кыргыздардын таасири Чыгыш Түркстанда өсө берген. Акыркы могол хандары кыргыздар менен эсептешип, алардын жерлерине көз артуусун токтоткон. Кыргыздарга тышкы агрессиянын азайышы 16-к. Тенир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыз урууларынын мекендеп келишкен жерлерине түбөлүк ээлик кылып калышына шарт түзгөн. Айрым окумуштуулардын пикири боюнча ар бир уруунун мерчемдүү жерлерди ээлеши менен 16-к. кыргыздар эл болуп биротоло калыптанган. Бирок бул маселе азыркы учурда жаңы көз караштa изилденип, кыргыздардын эл болуп калыптанышынын жылнаамасы алда канча мурун, байыркы доордо эле болгону бышыкталууда. Кантсе да 16-к. Ички Теңир-Тоо аймагы сарыбагыш, саяк, тыным-

сейит, черик, моголдор сыяктуу ири уруулардын мекени болуп калган. 17-к. 30-жылдарынан баштап, Теңир-Тоо кыргыздарына жаңы душман Чыгышта күчтөнүп, саясий аренага чыкты. Ал Жуңгар хандыгы болгон. Тарыхта Жуңгар хандыгын кыргыздар калмактар деп атаган. Ошол калмактардын чорос, хойт, дербет, хошоут урууларынын башын 17-к. 30-жылдарында чорос уруусунун башчысы Кара-Хула бириктире баштаган. Анын уулу Хото Хочин калмак урууларын бир хандыкка бириктирип, 1635-ж. ал Далайламадан Эрдене Батур хонтайжы титулун алат. 1635, 1643, 1652-ж. Батур хонтайжы үч жолу кыргыздарга жортуул уюштуруп, анын бир багыты Ички Теңир-Тоо кыргыздарын кучагына алган. Батур хонтайжынын үч жолку жапырыгына кыргыздар катуу каршылык көргөзүшүп, баш ийип бербеген. Теңир тоолук кыргыздар Цеван-Рабдандын (1697–1727- ж.) тушунда катуу кыргынга дуушар болуп, Алай, Гисар тарапка жер которууга аргасыз болушкан. Алай, Гисар, Фергана өрөөнүнө жер которгон теңир-тоолук кыргыздар өзбек, кыпчак элдери менен бирдикте калмактардын баскынчылыгына каршы күрөшкөн. Айрым маалыматтарга караганда теңир-тоолук кыргыздар Фергана өрөөнүндө жаңы түптөлө баштаган Кокон хандыгына да таасирин тийгизишкен. Теңир-тоолук кыргыздар кайра өз мекенине 1758-ж. калмак ээлиги урагандан кийин көчүп келишкен. Теңир-Тоо аймагындагы айрым жер-суулардын калмакча аталыштары ошол калмак жапырыгы мезгилинин эстеликтери.Калмактардын зомбулугунан кутулганы менен, теңир-тоолук кыргыздарга 17-к. 2-жарымынан тартып, Цин империясы көз артып, баш ийдирүүгө айла-амалдарын жасай баштaшкан. Жаңы эле өз мекенине көчүп келген теңир-тоолук кыргыздар бул мезгилде бытырандылык доорду баштарынан өткөрүп, Цин империясынын баскынчылык жортуулдарына каршы бириге алышпаган. Бирок тарыхый маалыматтарда 1759-ж. Ко-

кон ээлиги менен чектеш жерде кыргыз, өзбектер Цин империясынын аскерлери менен беттешип, жеңишке жетишкени айтылат. Бул согушка теңир-тоолук кыргыздар да катышкан. 17-к. 60-жылдарында теңир-тоолук кыргыздар да өз элчилерин Бээжинге жиберишип, калмактар ээлеп келген жерлерин кыргыздарга кайра ыйгаруу талаптарын коюшкан. Бул талаптар аткарылгыча эле мурдагы өз жерлерине өзүлөрү ээлик кылаарын билдиришкен. Тенир-тоолук кыргыздардын Цин империясына каршы аракеттери анын күн батыш аймактарга баскынчылык жүрүштөрүн токтотуп турган.

Ал эми 17-к. 70–80-жылдарында теңиртоолук кыргыздар менен казактардын мамилеси солгундай берген. Натыйжада, Теңир-Тоо аймагына Көкжал Барак, Абылай хандар жортуулга аттанышып, аларга каршы кыргыздар биригишкен. Бул кагылышуулар айрым топтун кызыкчылыгынан улам чыгып, боордош эки эл көп кан төгүүлөргө дуушар болгон. Бирок бул кагылышуулардан көп өтпөй эки элдин мамилелери кайра жакшырып, байланыштары элдик дипломатиянын негизинде кайра уланган.

Ички Теңир-Тоо деген тарыхый-географиялык түшүнүк өз ичине бир нече чоң өрөөндөрдү камтыйт. Алар: Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын жана Тогуз-Торо өрөөндөрү. Мындан тышкары Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур, Кара-Саз, Солтон-Сары, Соң-Көл ж.б. жайлоолор жайгашкандыгы маалым. 19 к. орто ченинде аталган аймакта кыргыздын сарыбагыш, саяк, бугу, тынымсейит, черик, моңол, басыз уруулары мекендешчү.

Кийин 20 к. 70-ж. бул аймакка азык, кушчу, кыпчак ж.б. уруулар оop келишет.

19 к. 50–60-жж Кочкор өрөөнүндө Төрөгелди баатыр башкарган сарыбагыштардын темир-черикчи уругу турчу. Саяк уруулары Кочкордун күн батыш бөлүгүн, Жумгал, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо өрөөндөрүн мекендешчү.

1866-жылдын башына карата черик уруусу 6 миң

түтүндү түзүп, Нарын дарыясынан ары түштүктү карай Кашкарга кетчү кербен жолго жакын аймактарда көчүп-конуп жүрүшчү.

Он-Арча, Оттук суулары менен нарын дарыясынын ортосундагы ойдундар, төрдөгү капчыгайлар, кичи Нарындын бойлору, Солтон-Сары, Кара-Саз, Тарагай жайлоолору бугу-тынымсейиттерге таандык эле.

Моңолдор уруу-уруктары менен ар кайсы жерде Жогорку Нарындын сол тарабынан тартып, Ат-Башынын башына чейинки кокту-колоттор менен түзөң жерлерди жердешчү.

19-к. 20–30-жылдарында теңир-тоолук кыргыздар Кокон хандыгына бириктирилген. Бириктирилген кыргыз уруулары өзүлөрүнүн жашаган аймактарына жараша хандыктагы бектиктерге, серкерликтерге каттальшып, белгиленген өлчөмдөгү салыктарды казынага төлөп турууга милдеттендирилген. Нарын тарапта, сырт жайлоосунда жашашкан кыргыздар Анжыян бектигине баш ийишип, Куртка, Тогуз-Торо, Жумгал чептериндеги бектер тарабынан башкарылган. Мындан сырткары соода жолдоруна, тоо арасындагы кыргыз урууларына көзөмөл кылуу максатында чакан коргондор курулуп, анда сарбаздардын аз сандагы топтору турушкан. Ошондой эле кыргыз айылдарында хандын эл беги деп аталган төбөлдөрү жашашып, алар айыл элинин бейкуттугуна көз салып турушкан. Кокон хандыгынын Теңир-Тоодогу мындай администрациялык саясаты кыргыздар үчүн шарттуу түрдө гана болуп, иш жүзүндө кыргыздар уруу манаптары, бийлери аркылуу башкарылган. Уруулардын өз алдынчалыгы сакталуу бойдон калган. Экинчи жагынан Теңир-Тоо кыргыздарынын Кокон хандыгына бириктирилиши Цин империясынын баскынчылык жүрүштөрүн оздуктап турган. Анткени Омор хандын (1810–22), Мадали хандын (1822–42) тушунда Цин империясы менен Кокон хандыгынын ортосунда бир нече

келишимдерге кол коюлуп, ал келишимдер боюнча Цин империясы Кокон ээлигине басып кирмек турсун, Чыгыш Түркстандагы Жети шаардын соодадан түшкөн салыктарын хандыктын казынасына берип турууга аргасыз болгон. Таш-Рабат кербен сарайынын урандысы 19-к. башында тенир-тоолук кыргыздар Чыгыш Түркстандагы Цин империясына каршы боштондук кыймылдарга ишкердүү аралашып турушкан. 1814–1816-жылдардагы кыргыз бийи Турдумаматтын жана уйгурлардын башчысы Зияеведдиндердин кыймылын теңир-тоолук кыргыздар колдошкон. Кытай төбөлдөрү бул кыймылды ырайымсыздык менен баскандан кийин, көтөрүшчүлөрдүн кыйласы Теңир-Тоого качып келүүгө аргасыз болушкан. Теңир-тоолук кыргыздардын Чыгыш Түркстандагы Цин зомбулугуна каршы боштондук күрөштө негизги орунду ээлегени Жаангер кожо жетектеген көтөрүлүштө да ачык көрүнөт. 1820-ж. жайында Жаангер кожо өзүнүн жакын адамдары менен Кокондон качып, Ички Теңир-Тоодогу кыргыздардын саяк уруусу көчүп-конуп жүргөн чөлкөмгө келген. Ушул жерден ал кыргыздардын колдоосу менен цининдик Кытайдын үстөмдүгүнө каршы күрөшүн баштаган. Цин империясынын төбөлдөрү Жаангер кожону туткундоо кыргыздарды жазалоо үчүн генерал Баян-Бату жетектеген аскерлерин Ички Теңир-Тоодогу кыргыздарга жиберген. Алар Атантай, Тайлак баатырлардын айылына келип, Жаангер менен Тайлак баатырдын жоктугунан улам айылды талоонго алат. Жүзгө жакын адамды өлтүрүшөт. Бул кабар кошуна айылдардагы Тайлак баатырга жетип, ал кол курап душманды куугунтукка алат. Арпа менен Нарындын ортосундагы Кароо деген капчыгайга Кытай аскерлерин камоого алып, үч күндө бардыгын кырып таштаган. 1825-ж. Цин империясынын зомбулугуна каршы Жаангер кожо чоң казатка чыккан. Аны Чыгыш Түркстандагы түрк элдери менен катар Ички теңир-тоолук кыргыздар да колдоого алган. Саяк уруу-

сунун баатырлары Атантай, Тайлак көп кол курап, ангер кожонун жеңишине зор көмөк көрсөтүшкөн. рок Жаангер кожо өз жеңишин бекемдей албаган. Ко ханы Мадалиге да жакшы мамиле жасабай жардамы баш тарткан. Анын айыбын кийинчерээк Атантай ме Тайлак тартышкан. Натыйжада, 1826-жылдын башы Цин өкмөтү Жаангердин колун талкалап, көп өтпөй е туткундап, аны колдоого алган кыргыздарды куу туктай баштаган. Теңир-Тоо кыргыздарынын жерле басып кирүүгө батынбай (ортодогу келишимге ылайы Жаангер кожону колдогону үчүн Атантай менен Тайл ты жазалап берүүсүн өтүнүп, Мадали ханга кайрыл 19-к. 30-жылдарындагы Мадали хандын Атантай ме Тайлакты жазалоого карата аракети ортодогу кара каршылыктын жаралышынын негизги себептери бири болуп эсептелет. Бул карама-каршылыктын у рунда Тайлак баатыр Куртка чебин талкалап, ал жерд кокондук төбөлдөрдү туткундаган. Ошол эле мезгилде Мадали хан жиберген сарбаздар туткундалган адамдар бошотуп, Тайлактын өзүн ордого туткундап кеткен. рок көп өтпөй Тайлак баатырды бошоткон. Тайлак б тырдын өлүмүн көпчүлүк изилдөөчүлөр Кокондон кел тыңчы уулантырган деп жазып келишүүдө. Бирок тыңчы Кашкардан Цин империясы тарабынан жибер гени тууралуу эч сөз айтылбай келүүдө. Анткени Тайл баатыр Цин империясынын төбөлдөрүнүн өтүнүчү мен туткундалып, Кокондо үч-төрт ай кармалган. Бирок өл жазасына тартылбаган. Мадали хандын мындай мами сине цин төбөлдөрү макул болбогон. Натыйжада алар адамын Кокондон келгендей жиберип, Тайлак баатыр уулантырып өлтүрткөн.

19-к. 40-жылдарында Кокон хандыгынын ордосу дагы саясий күрөштөр, тактыга кыргыздардын арасы да жашап, кыргыз болуп калган Шералынын отуруш кыргыздардын ордодо негизги бийлик орундарын ээле

Теңир-Тоо чөлкөмүндө жашашкан кыргыз урууларын да жөн калтырбаган. Ордону кыргыздар ээлегенин уккан Ормон, бүткүл арка кыргыздарынын төбөлдөрүн Көтмалдыга (Кызыл-Токойго) чогултуп, жыйын өткөргөн. Жыйынга келген кыргыздар Ормонду ак кийизге салып хан көтөрүшөт. Ормондун хан көтөрүлүшү кыргыз урууларынын биримдигин арттырган, көчмөн мамлекеттинин түптөлүшүнө шарт түзүп, Теңир-Тоо аймагында бир топко бейкуттук орногон. Ормон хандын туусу көтөрүлүп, «Ормон окуу» аталган мыйзам киргизилген. Ормондун таасирин сезген Кокондун ханы ага «парваначы» даражасын ыйгарган. Ормон хан башында турган кыргыздардын көчмөн хандыгы түзүлгөн мезгилдеги ири окуялардын бири 1846–47-жылдардагы кыргыз-казак согушу болуп эсептелет. Бул согушка Ормон хан башында турган Теңир-Тоо кыргыздары да активдүү катышып, Кенесары хан жетектеген казак кошууну жеңилүүгө дуушарланган. Бирок ушул согуштан жети жыл өтпөй кыргыз урууларынын ынтымагы ыдырап, бугу уруусу менен сарыбагыш уруусунун тирешүүлөрү өз ара чоң жаңжалдын чыгышына алып келген. 1854-жылдын жай айындагы эки уруунун согушунда Ормон хан оор жараат алып, каза болот. Эки ортодо көп эрегишүүлөр, кан төгүшүүлөр болуп өтөт. Натыйжада, кыргыз хандыгынын кыйроосу Орусия империясынын Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыз урууларын баш ийдирип алуусуна жем таштаган. Ал эми Кокон ордосундагы хандардын тез-тез алмашып туруусу да Теңир-Тоо кыргыздарына таасирин тийгизип турган.Айрым учурларда жаңы ханды, анын айланасындагы кыргыздарды колдоо иретинде Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү чептерди, сепилдерди ээлеп алып, андагы бектерди, даткаларды туткунга алып турушкан. Ошол эле учурда Орусиядан келишкен айрым соодагерлер Теңир-Тоо кыргыздарын Орусия империясына кошулууга үндөп, кат аркылуу кайрылууларын уюштурган. Ал империянын Ички Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыз урууларын баш ийдирүүсү 1863-жылдан баштап ишке ашырылган.

## КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ЖАНА СССРдин КУРАМЫНДА

Теңир-Тоо чөлкөмүн каратып алууга Орусия империясынын төбөлдөрү кызыгышкан. Анткени Теңир-Тоо аркылуу Кашкарга түз жол ачылмак. Ушул максатты орундатуу үчүн 1863-ж. 3-майда генштабдын капитаны Проценко баштаган «кашкар отряды» Теңир-Тоону көздөй аскердик жүрүшкө аттанган. Проценконун кошууну эч каршылыксыз эле Кызарт ашуусун ашып, Жумгал өрөөнүнө чейин келет. Жумгалдагы коргондон 50гө жетпеген кокон сарбаздары каршылык көрсөтпөй чегинишет. Жумгалды ээлеген орус аскерлери Соң-Көл аркылуу Куртка чебине жүрүшүн уюштурган. Май айынын аягында эч согушсуз эле Проценконун кошууну Куртка чебин ээлешкен. Орус кошуунуна каршы Үмөтаалы Ормон уулу баш болгон кыргыздар турушуп, 19-июнда алар Эки-Чат деген жерде подпоручик Зубаревдун кошуунуна кол салышат. Аларды 2 күндөн соң гана курчоодон Проценконун кошууну куткарган. Буга чейин 2–3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дариясындагы көпүрөнү да бузуп салышкан. Эки-Чаттагы кыргыздардын чабуулунан Зубарев баш болгон 7 солдат жарадар болуп, алардын экөө көз жумган. Үмөтаалынын катуу каршылыгы капитан Проценкону артка кайтууга аргасыз кылган. Бирок бул аскердик жүрүштөн соң Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү черик уруусунун башчылары 1863-ж. 13-октябрда Омбу шаарына барып, Орусияга баш ийгендиги тууралуу ант кабыл алышкан. Бул ант кабыл алуу шарттуу түрдө гана болуп, чериктер 1868-ж. Нарын чеби курулганга чейин көз карандысыз жашашкан. 1864–65-ж. Ички Теңир-Тоону мекендеген бугу-тынымсейит уруусу, саяк уруусунун Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген уруктарынын бир бөлүгү Орусияга баш ийдирилген. Үмөтаалынын карамагындагы сарыбагыштар менен

Осмон датка башкарган тогуз-торолук жана Ак-талаалык саяк уруусу Орусияга баш ийүүгө макул болбой, эркиндик үчүн күрөшүн уланта беришкен. 1867-ж. жайында Теңир-Тоого полковник Полторацкий кайрадан аскердик жүрүш жасайт. Ушул жүрүштө Кара-Кужурдан тартып, Ак-Сай, Чатыр-Көлгө чейинки аймакта 5–6 миң түтүн эли менен көчүп-конуп жүргөн Үмөтаалы Орус бийлигине аргасыз багынып берген. Ал эми Осмон Тайлак уулу багынып берүүдөн баш тартып, Чыгыш Түркстанга өтүп кеткен. Орусиянын бийлиги полковник Полторацкийдин жүрүшүнөн соң Ички Теңир-Тоого биротоло орногон.

Орусия империясы жаңы каратып алган жерлерине жаңы башкаруу тартибин киргизген. Административдик аймактык жаңы бөлүнүүлөрдү уюштурган. Чөлкөмдү башкаруунун жаңы Жоболорун (1867-ж., 1886-ж.) иштеп чыгышкан. Ички Теңир-Тоо чөлкөмүнүн айрым баш ийдирилген аймактары 1865–1867-ж. Түркстан облусуна карап турган. 1867-ж.ж. облус Түркстан генерал-губернаторлугу болуп түзүлүп, Теңир-Тоо чөлкөмү Ысык-Көл (кийин Пржевал) жана Токмок (кийин Пишпек) уезддерине караштуу болгон. Атайын иштелип чыккан Жобого ылайык уезддер болуштуктарга, алар айылдарга бөлүнгөн. Баштагы уруу башчылардын, манаптардын кадыр-баркын эл алдында төмөндөтүү үчүн, чоң урууларды болуштуктарга бөлүп, аларды башкаруу үчүн болуштарды шайлоону киргизген. Натыйжада Кочкор, Жумгал эли Пишпек уездине, Ички Теңир-Тоонун калган бөлүктөрү Пржевал уездине караштуу болгон. 1910-ж. Пржевал уездинин Ат-Башы бөлүгүнө караштуу аймак төмөнкү 10 болуштуктан турган: Ажы болуштугу (6 айыл, 604 түтүн), Борукчу (10 айыл, 1212 түтүн), Жоон-Арык (9 айыл, 1131 түтүн), Нарын (6 айыл, 851 түтүн), Он-Арча (9 айыл, 1618 түтүн), Рыскулбек (7 айыл, 788 түтүн), Саяк (7 айыл, 1179 түтүн), Чеш-Төбө (8 айыл, 1104 түтүн), Чоро (9 айыл, 1623 түтүн), Черик (7 айыл, 994 түтүн), Шаркыратма (9

айыл, 1738 түтүн), Шатен (7 айыл, 824 түтүн). Жумгал, Кочкор өрөөнү да ушул сыяктуу майда-майда болуштуктарга бөлүнгөн. Ар бир үч жылда болуштар, старчындар, бийлер шайланып, шайлоо мезгилинде урук-урукка бөлүнүүлөр, араздашуулар күчөгөн. Империялык «бөлүп жар да, башкара бер» саясаты элдин, бирдиктүү уруунун арасын ыдыраткан Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү көчмөн калктын ата-бабасынан берки жерлери жалпы мамлекеттин менчиги деп жарыя кылынып, ал жерлер кыргыздарга убактылуу пайдаланууга берилген. Салыктын түрлөрү Кокон хандыгынын мезгилинен да оор болгон. Улуттук, диндик басмырттоолор күчөгөн; эл колониялык зордук-зомбулуктун запкысын баштарынан кечиришкен. Теңир-Тоо чөлкөмүнө чек ара чыңдоолорун, аскер сепилдерин куруунун, көчүп келген орус дыйкандарынын жайгашуусунун, соода-сатыктын жакшырганынын натыйжасында кыштактар пайда боло баштаган. Нарын, Ат-Башы, Казарман, Самсоновка (Кочкор), кийинчерээк Жумгал сыяктуу кыштактар түптөлүп, айрым кыргыздар да отурукташа баштаган. 1877-ж. декабрда Кытайдан дунган качкындары Нарынга да келишип, аларга кыргыздар ар түрдүү жардамдарын беришкен. 19-к. 2-жарымы 20-к. башында Теңир-Тоо кыргыздарында мал чарбачылык негизги орунда туруп, жер иштетүү, аарычылык көмөкчү чарба катары пайдаланылган. Ошого карабай бийик тоонун шартында жер иштетүүнү өздөштүрүп, дан эгиндери менен өзүлөрүн камсыз кыла алышкан. Ал эми малын Чыгыш Түркстанга, Фергана өрөөнүнө айдап барып, соодалап турушкан. 19-к. аягында Нарындын өзүндө, Ат-Башыда туруктуу соода-сатык иштери өнүгө баштайт. Нарында 70тен ашуун күркө мануфактурасы менен болгон. 1913-ж. Нарында соода жайлар 139га жеткен. Сооданы Фергана өрөөнүнөн келишкен өзбек соодагерлеринен башка Кашкардан, Орусиядан келишкен соодагерлер да жүргүзүп турушкан Ат-Башыда бажыкана иштеп,

1883-жылдан баштап жарманке базарлар уюштурула баштаган. 19-к. акыркы чейрегине чейин Теңир-Тоо чөлкөмүндө атчан жүргөнгө, мал айдаганга гана жарактуу жолдор болсо, сооданын өнүгүшүнөн, Кытай менен Орусиянын мамилелеринен улам жолдор салынып, араба жүрүүгө ыңгайлаштырылган. Он-Арча, Нарын сыяктуу сууларга араба жүргүдөй көпүрө салынган.1880-жылдан баштап, Нарынга дейре почто жолу иштей баштаган. Жол байланыштарынын өнүгүшү менен Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыздар ат арабаны пайдаланышып, почта ж. б. жол кызматтарына тартылышкан. Ар кандай максат м-н Теңир-Тоо чөлкөмүнө Орусиядан саякатчылар келишип, айрым изилдөөлөрүн жүргүзүп турушкан. Алардын Теңир-Тоо тууралуу жазгандары илимий журналдарга, Түркстан чөлкөмүндө чыгуучу гезиттерге басылган. Н. А. Северцов, В. В. Радлов, Н. Н. Пантусов, Н. А. Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде Ички Теңир-Тоо чөлкөмү тууралуу маалыматтар арбын. 19-к. 2-жарымында Нарын тарапта сабаттуу адамдар ар бир айылда бирин-серин гана болсо, 20-к. башынан тартып, андайлардын саны көбөйө баштаган. Билим берүү көбүнчө атайын даярдалган кыргыз үйлөрдө жүргүзүлгөн. Жаңы усулдук мектептер Теңир-Тоо чөлкөмүндө 20-к. башында ачыла баштаган. 1914-ж. Курткада жаңы усулдук мектеп ачылып, анда 30га жакын бала окуган. Мектеп ошол айылдагы колунда бар адамдар тарабынан каржыланган. Жаңы усулдук мектеп Кара-Булак айылында да (Ак-Талаа району) ачылган. 1911-ж. Жумгалда «Курмандын мектеби» деген мектеп ачылып, ал үчүн 10 бөлмөлүү алды тактайланган имарат курулган. Ага жүзгө жакын бала келип окуган. 1905-ж. жатак мектеп Ат-Башыда ачылган. Ал эми Нарында 1913-ж. 12 окуучусу бар бир диний окуу жайы болгон. Көп өтпөй Нарында коммуна-мектеби уюшулуп, ага 40ка жакын бала окуй баштаган. Мындай мектептер Октябрь төңкөрүшүнө чейин Теңир-

Тоо чөлкөмүндөгү айыл-кыштактарда ачыла баштаганына карабастан кыргыз элинин билимге болгон кызыгуусун падышалык төбөлдөр этибарга алышкан эмес. Атайлап көңүл буруп, жер-жерлерге мектептерди ачууга аракет жасалбаган. 19-к. чейин Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыздардын ден соолугуна элдик табыптар кам көрүп келишсе, 19-к. 2-жарымында (1868-ж.) Нарынга аскер бейтапканасынын ачылышы менен айрым орус дарыгерлери да келе баштаган Нарындагы аскер бейтапканасында иштешкен Павлюц, эпидемиолог Лауренти сыяктуу дарыгерлер жергиликтүү элди да кабыл алып, айыл кыдырышып, айрым сыркоолорду дарылап турушкан.

20-к. башынан тарта Нарын тарапта Орусиядан келишкен мал догдурлар да эмгектенишкен. Бирок кыргыздардын мал багуудагы, дарылоодогу мол тажрыйбасынан улам, мал догдурларга болгон муктаждык жокко эсе болгон. 20-к. башында падышачылыктын колониялык саясаты Ички Теңир-Тоодо да күчөгөн. Элди бөлүп-жарып, болуштарды шайлоодо эки тарапты каршылаштырып коюп, падышалык төбөлдөр империялык саясатты тымызын ишке ашыра беришкен. Жерге элдин өздөштүрүлгөн мыкты жерлерин тартып алып, көчүп келген орус дыйкандарын отурукташтыруу саясаты Ички Теңир-Тоодо да көрүнгөн. Көчүп келишкен орус келгиндери сугат жерлерди, жолдун бойлорун ээлешип, мал айдаган кыргыздардын жол акысын доолап турушкан. 1912-ж. Жумгал өрөөнүндө орус дыйкандарынын кыштактары, ээлеген жерлери болгон. Келгиндер башкармалыгындагы 15 жаңы жер бөлүктөрүн «ашыкча жер» деп даярдашып, Жумгал өрөөнүнө орус дыйкандарын үндөшкөн. Ушул эле жылы келгиндер башкармалыгынын Нарындагы кыргыздар пайдаланган ыңгайлуу жерден дагы 40 участка кесилип алынган. Көкөмерен суусуна суу сактагыч курабыз деген шылтоо менен мыкты жайлоолор тартылып алынган. Кыргыздардын жерлерин тартып алуу, өзүлөрүн тоо ара-

сына сүрүп чыгаруу иш чаралары 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө чейин эле тымызын ишке ашырыла берген. Дыйканчылыкка ыңгайлуу Кочкор өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгү «ашыкча жерге» айланып, өз жерлерине кыргыздар ээ боло албай калышкан. 1914-ж. башталган 1-дүйнөлүк согушту шылтоолоп кыргыздардан алынуучу салыктар, фронт үчүн милдеттүү жардам берүүнүн өлчөмү көбөйтүлгөн.

Жерлери тартылып алынган, салыктан башы арылбаган кыргыздардын нааразычылыктары, каршылык көрсөтүүлөрү күчөй баштаган. 1915-ж. күзүндө Шар-кыратма болуштугунун эли көтөрүлгөн. Анын башында М. Суранчиев деген кыргыз туруп, тартылып алынган жерлерин кайрып берүү талабын коюшкан. Бирок алардын мындай талабы аткарылбаган соң, алар падышалык төбөлдөрдүн бирин өлтүрүшкөн. Бул үчүн Шар-кыратма болуштугунан 9 адам сүргүнгө Сибирге айдалган. 1916-ж. ак-талаалык кыргыздар салык төлөөдөн баш тартышкан. Аларды жазалоо үчүн нарындык аскерлер Ак-Талаага жөнөтүлгөн. Аларга Т. Едилбеков башында турган эл каршы турушуп, бирок алардын күрөшү ийгиликсиз аяктаган. Ички Теңир-Тоонун жер-жерлеринде мындай нааразычылыктар тез-тез чыгып турган. 1916-ж. 25-июнда падышанын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерди согуштун кара жумушуна чакырган жарлыгы чыдамы кетип, араң турган элдин жарылышына алып келген. Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү эл колуна курал алып, оз эркиндиги, улуттук боштондугу үчүн күрөшкө чыгышкан. Ысык-Көл,Чүй,Кемин өрөөнүндө көтөрүлгөн эл менен байланышып, боштондук күрөштүн башынан аягына чейин жигердүү аралашкан. 1917-ж. февраль айындагы төңкөрүштө падыша бийликтен куулганы менен коомдук түзүлүш түп-тамырынан бери өзгөргөн эмес. Түркстан чөлкөмүндө Орусия империясынын колониялык саясаты сакталуу боюнча калган. Жер-жерлердеги бийлик орунда-

ры эски колониялык саясатты жүргүзүп келишкен падышалык төбөлдөрдүн колунда кала берген. Жергиликтүү калк Февраль төңкөрүшүн жетик түшүнө бербеген.

1917-ж. март айынын 2-жарымында Нарында Солдат депутаттарынын Кеңеши түзүлгөн. Бул Кеңештин аты эле Солдаттар депутаттарына тиешелүү болуп, Кеңештин курамында, анын президиумунда монархиялык түзүлүштү жактаган офицерлер, шаарда жашаган кулактар турган. Жергиликтүү элдин өкүлдөрү бул Кеңешке кире албаган. Алгачкы түзүлгөн Кеңеш Нарындагы аскер гарнизонунан сыртка чыкпаган. Убактылуу өкмөттү колдоо иретинде март айында Нарында Коомдук коопсуздук комитети деген уюм түзүлүп, ага бай соодагерлер, кулактар, офицерлер кирип, башында эсерлер партиясы турган. Жергиликтүү дин адамдары айрым кадыр-барктуу кыргыздарды бул уюмга тартууга аракеттерди жүргүзгөн. Бирок бул уюмдун максат, милдетине жергиликтүү элдин абалын жакшыртуу кирбеген. 1917-ж. 21-майда Нарынга Ташкенден Солдат депутаттар Кеңешинин өкүлдөрү келишип, демократиялык багыттагы айрым түзөтүүлөрдү киргизүүгө аракет жасашкан. Бирок Нарындагы Кеңештин маңызы өзгөрүп кетпеген. Ошол мезгилде большевиктердин идеясын жакшы түшүнө бербеген, бирок өзүлөрүн большевик эсептешкен Х. Мусабаев, С. Орозбеков сыяктуу жергиликтүү кыргыздар Теңир-Тоо аймагында өзүлөрүнүн ой-пикирлерин таркатууга аракет кылышкан. Алардын аракеттеринен ал убакта эч кандай майнап да чыкпаган. 1917-жылдын 25-октябрында (7-ноябрда) Петроград шаарында большевиктер партиясынын төңкөрүшү болуп, пролетариат диктатурасынын орногонун жар салат. Ошол эле күнү ачылган Советтердин Бүткүл россиялык 2-съезди бийликтин Советтерге өткөнүн жарыялап, В. И. Ленин башында турган Эл комиссарлар Кеңешин шайлаган. Съездде «Жер жөнүндө», «Тынчтык жөнүндө» популисттик декреттер кабыл алын-

ган. Ал эми Орусияда жашаган бардык улуттарга өз тагдырын өзү чечүүнүн чыныгы укугун камсыз кылаарын билдирген куру убадасын элге жарыялаган. Петрограддагы Октябрь төңкөрүшүнүн таасири 1918-ж. февраль айында Нарынга араң жетип, ушул эле айда Нарындагы аскер гарнизонунда митинг болгон. Митинге аскер адамдарынан сырткары аз сандагы жергиликтүү элдер да катышкан. Өзүн большевик эсептеген Х. Мусабаев бул митингде сүйлөп, элге бийлик кимдин колуна тийгендигин түшүндүрүүгө аракет жасайт. Февраль, март айларында ал бир нече жолу жашыруун түрдө Шаркыратма суусунун жээгиндеги үйүндө элди жыйнап, аларды Кеңеш өкмөтүн түзүү үчүн үндөгөн. Элди байларга каршы тукурган Х. Мусабаевдин аракеттеринен улам, 1918-ж. март айында Эсенгул, Чоро, Чеш-Дөбө, Шаркыратма болуштуктарында элдин ыркы бузулуп, кедейлер менен колунда бар байлар каршылашат. Манаптардын таасирин чектөөгө аракет жасалат. Нарындагы аскер гарнизонунда турушкан айрым аскер адамдары да айылдарды кыдырышып, элди совет өкмөтүнө тартууга үндөшкөн. Бирок жаңы өкмөткө түшүнө бербеген жергиликтүү эл дароо эле макул боло коюшкан эмес. Кыргыз журтчулугу ал учурда андайга даяр да эмес эле.

1918-ж. 2-апрелде Нарында Кеңеш бийлигин орнотуу үчүн Токмоктон Ф. С. Дубовицкий башында турган 200 кызыл гвардиячы келет. 3-апрелде алар элди шаардагы аянтчага чогултуп, Нарындагы Убактылуу өкмөттүн жоюлганын жарыялайт. Жалаңдаган кызыл гвардиячылардын ишааратын көрүп, эч ким каршылык көргөзүүгө даай алышкан эмес. 1918-ж. 8-апрелде Солдаттар ж-а мусулмандар депутаттарынын Кеңешинин участкалык съезди болуп, анда Кеңеш бийлигинин орногону жарыяланган. 40 кишиден турган Эл депутаттар Кеңеши шайланат. Алар апрель айынан августка чейин Кеңештерди түзүшөт. Август айында Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү Ат-Башы, Он-Арча,

Саяк, Жуван-Арык, Ажы, Шаркыратма, Борукчу, Черикчи, Чеш-Дөбө болуштуктарында Кеңештер түзүлөт. 1918-жылдын 2-жарымында Ат-Башы, Он-Арча, Эсенгул, Чоро, Шаркыратма жер-суу комитеттери негизделет. Теңир-Тоо чөлкөмүндө негизделген Кеңештерди коргоо максатында 1918-жылдын 1-жарымында эле Нарында Кызыл Армия курала баштаган. Алар Кеңеш өкмөтүнө кирүүдөн баш тарткан адамдарды жазалап турган. 1918-ж. 13-майда Нарын шаардык-уезддик эл агартуу бөлүмү түзүлгөн. Бирок Теңир-Тоо чөлкөмүндө Кеңеш өкмөтү орноп, анын таасири жер-жерлерге жеткени менен, жалпы эл Кеңеш бийлигин кабыл алууга ашыкпаган. Теңир-Тоо чөлкөмүндө негизги бийлик орундарында жергиликтүү элдин өкүлдөрү отурган эмес. Нарында жергиликтүү эл үчүн улут иштери боюнча 1918-жылдын аягында атайын бөлүм түзүлүп, бул бөлүм 1925-жылга чейин кыргыздар менен иш алып барган. Жергиликтүү элдин абалы оор бойдон кала берген. 1916-жылдагы улуттук-боштондук үчүн күрөштө Кытайга качкан элдин айрым бөлүгү кайра өз жерлерине кайтса, көпчүлүгү келиштен дагы эле чочулаган. Кытайга качпай калып, бирок падышалык жазалоочу аскерлер тарабынан таланып-тонолгон теңир-тоолуктар али өзүнө келе алган эмес. Нарында, Таш-Рабатта ачылган качкын кыргыздарга тамак берүүчү жайлар бардыгынын курсагын тойгуза алган эмес. Азык-түлүк, тамак-аш маселеси оор боюнча кала берген. Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү айрым өзгөрүүлөр, колониялык саясатты жүргүзүүгө айрым бөгөттөр орус кулактарын, офицерлерин тынч жаткырбаган.

1920-ж. 5-ноябрда мурдагы падышалык офицер, токмоктук кулак Д. Кирьянов жана нарындык кулак К. Бондарев (кыргыздар «Мөндүрүп» дешкен) жетектеген отряд Ат-Башыдан Нарынды көздөй аттанышып, козголоң уюштурушкан. Д. Кирьянов чек ара полкун жетектегендиктен, аларды Нарында Октябрь төңкөрүшүнүн 3 жылдыгын майрамдаганы барасыңар деп алдап, жолдон Кеңеш бий-

лиги кулады деген ушак таратып, полктун саясий жетекчилерин, большевик комиссарларды туткундаган. Нарындагы аз сандагы 23-полктун батальонун куралсыздандырган. Ал жердеги кызыл аскерлердин командирлерин, саясий кызматкерлерди камакка алып, уезддикшаардык партия комитетинин төрагасы Х. Мусабаевди, уезддик саясий бюронун (ЧКнын) төрагасы С. Орозбековду өлтүрөт. 11-ноябрда Нарын уездиндеги бардык бийлик козголоңчулардын колуна өткөн. Андан кийин алар Токмок жана Пишпек шаарларындагы Кеңеш бийлигин жок кылууга аттанышкан. Ошол учурда Нарындагы козголоңду басууга 13-ноябрда Токмок шаарынан чыккан 2-өзгөчө полк менен 4-түркмөн полку чыгып, 14–15-ноябрда Шамшы ашуусунун жанында, Кочкор өрөөнүнүн чыга беришинде козголоңчулар менен катуу салгылашат. Ушул кармашта козголоңчулар жеңилип, Д. Кирьянов туткунга алынат. 18-ноябрда Долон ашуусунда козголоңчуларга дагы бир сокку урулуп, женилген козголоңчулардын калдыктары Чыгыш Түркстандын аймагына кире качышат. Теңир-Тоо чөлкөмүндө Кеңеш өкмөтү калыбына келтирилет. Мурдагы 17 болуштагы революциялык комитеттер кайра түзүлөт. Жер-жерлерде элдер бай-манап, кедейлерге бөлүнүп, элдин ынтымагы ыдырай берген. Колунда бар үй-бүлөлөрдүн байлыктарын күч менен тартып алуу саясаты Нарындагы элдин да кыжырын келтирет. 1921-ж. Согуштук коммунизм саясаты Жаңы экономикалык саясат менен алмаштырылган соң май-июнь айларында элден эпсиз салык жыйноо токтойт. 1921-ж. 28-октябрда Нарын уездинин Кеңештеринин 1-съезди болуп, анда Кеңештердин алдыдагы милдеттери, азык-түлүк салыгы жөнүндө, кедейлердин биримдиги жөнүндөгү маселелер талкууланып, тийиштүү чечимдер кабыл алынган. Кытайдан келген качкын кыргыздарга да айрым жеңилдиктер каралып, 1921-ж. 5 миңге жакын качкын кыргыздар салыктан бошотулган. 50 теше жерге

качкындар үчүн эгин эгилген. 1921–22-ж.ж. Жети-Суу чөлкөмүнүн башка аймактарындай эле Теңир-Тоо аймагында да жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Анын негизги максаты жерди теңдеп бөлүштүрүү болгон. Жер-суу реформасын ишке ашыруу уезддеги 1,2 миң коммунистке, анын 27 баштапкы уюмуна жүктөлгөн. 1921-жылдын апрелинде Нарын уездинде 2,8 миң адамдын башын бириктирген 10 кедей-кембагалдар, жалчылардын уюму түзүлөт. Жер-суу реформасынын натыйжасында Нарын уездинде 8 миң чарба отурукташтырылат. Теңир-Тоо чөлкөмүндө элди жерге биротоло жайгаштыруу иштери 1925–26-жылдарга чейин уланган. Кыргыздар жерге жайгашууда уруктук, туугандык белгилери менен общиналык пайдалануу принциптерин тандап алышкан. 1921-ж. негизделген «Кошчу» уюму 1929-ж. «Жарды-жалчы уюму» болуп кайра түзүлөт. Бул уюмдун аты көргөзүп тургандай, Теңир-Тоо аймагындагы социалисттик кайра түзүүлөр Кыргызстандын башка чөлкөмдөрүндөгүдөй эле кедей-кембагалдардын гана кызыкчылыгын коргогон. Ошондуктан, социалисттик кайра түзүүлөрдө, ар кандай реформаларды ишке ашырууда колунда бар үй-бүлөлөр жабыр тартышып, алардын укуктары тепселген. Бул кыргыз эли үчүн кайгылуу көрүнүштөрдүн бири болгон. 1929-ж. Жайлоо кеңештери түзүлгөндө, алар да жайлоолорду мурдагы ээлеринен тартып алып, жарды-жалчыларга бөлүштүрүүгө аракеттенишкен. Теңир-Тоо чөлкөмүндө Жайлоо кеңештери Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур, Соң-Көл, Солтон-Сары жайлоолорунда негизделип, иш алып барышкан. Жайлоолорду мурдагы ээлери сарамжалдуу пайдаланып келишсе, эми туш келди пайдалануудан жайлоонун куту кете баштаган. 1924-ж. Кыргызстан өзүнчө автономиялык облус болуп түзүлүп, анын курамында Каракол, Нарын, Пишпек, Жалал-Абад, Ош округдары болгон. 1926-ж. 6-декабрда ББАКтын Президиумунун чечими менен Кыргыздар 7 кантонго (дубанга)

бөлүнгөн. Нарын өзүнчө кантон болуп Караколдон ажыратылган. 1928-жылдан баштап, Кыргызстанда райондоштуруу киргизилген. Нарын дубаны да 1930-ж. Нарын, Ат-Башы, Кочкор райондоруна бөлүнгөн. 1938-ж. 11-мартта Кыргыз ССРинин БАКынын чечими менен Кыргызстан кайрадан Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалал-Абад, Ош округдарына бөлүнөт. 1939-ж. 21-ноябрдагы СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указы менен Кыргызстан Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Тянь-Шань облусуна бөлүнөт. Тянь-Шань облусунун борбору Нарын шаары болуп, Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор, Нарын, Тогуз-Торо райондоруна бөлүнгөн. 1962-ж. Тянь-Шань облусу жоюлган. 1970-ж. 11-декабрда Ысык-Көл, Нарын облустары кайра түзүлгөн. 1988-ж. 5-октябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Указы менен Ысык-Көл, Нарын облустары Ысык-Көл облусу деген ат менен бириктирилет. Тогуз-Торо району Ош облусунун карамагына өтөт. 1991-ж. январда Ысык-Көл облусу кайра бөлүнүп, Нарын өзүнчө облус болуп калган. 1993-ж. 19-апрелде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен Нарын облусу эркин экономикалык аймак болуп жарыяланган. 1927-жылдагы (декабрь) ВКП(б)нын 15-съезди, 1929-ж. (январь) Кыргыз облустук партконференция Нарын дубанында да колхоздоштурууну ишке ашырууну милдеттендирген. Айыл чарбасын коллективдештирүү жогортодон келген көргөзмө менен аткарылгандыктан, жергиликтүү шарт эсепке алынбаган. 1929-жылдагы БК ВКПСФнын Пленуму, 1930-жылдын 5-январындагы, 20-февралындагы партиялык токтомдор колхоздоштурууну зордук-зомбулук менен ишке ашырууга жол ачкан. Борбордон айыл чарба менен тааныштыгы жок 25 мин жумушчуну 1929-жылдын аягында колхоздоштурууга көзөмөл кылуу үчүн жер-жерлерге жиберген. Алардын өкүлдөрү Кыргызстанга, анын Нарын дубанына да келишкен. 1927-ж. Нарын дубанында 21008 дыйкан чарба

сы болсо, алардын 20673ү кыргыздарга, 90ну орустарга, 89у өзбектерге, 156сы башка улуттарга тиешелүү болгон. Аларды коллективдештирүү 1928-жылдан башталган. 1928-ж. март айында Нарын дубанында «Эмгекчил», «Жерге-Тал», «Жан-булак», «Куланак» жана «Кошмо-Арык» аталган алгачкы 5 колхоз уюштурулат. 1928-жылдын октябрынан 1929-жылдын майына чейин колхоздордун саны 12ден 42ге чейин өскөн. Бул колхоздорду уюштурууда ал чарбада жашаган колунда бар адамдардын мал-мүлктөрү, жерлери тартылып алынып, өзүлөрүн башка жерлерге котортуп жиберишкен. Мис: 1927-ж. эле Нарын дубанынан 6 ири манаптын мүлкү тартылып алынып, өзүлөрүн жер котортсо, 1929-ж. 12 манап айдалган. Бул 12 манаптын 14 боз үйү, 6335 кою, 679 жылкысы, 256 уюу, 67 төөсүн мамлекет алып, жарды-жалчыларга бөлүп берген.Эл башында туруп, элди багып келген таасирлүү адамдардын үй-бүлөсүнүн тагдыры эч кимди кызыктырбаган. 1930-жылдан кийин массалык коллективдештирүү мезгилинде эл кызыкчылыгы эсепке алынбай, айыл менен айыл, уруу менен уруу атаандашып, эч ойлонулбастан колхоздоштуруу ишке ашырылган. Үстүдөн келген көргөзмөлөр аткарылбай калса, эл душманы катары айыл жетекчилери жазаланып турган. Жер-жерлерде кулакка тартуу иштери күчөгөн. 1928–29-ж. Нарын дубанында 412 кулак чарбасы катталып, алардын 176 миң баш малы болгон. Бирок бул жылдары орто дыйкандардын көпчүлүгү кулак катары жазаланып, малдары тартылып алынып турган. Натыйжада коллективдештирүүгө наарazы болгон орто дыйкандар малдарын союшуп, малдын саны кескин кыскарып кеткен.

Массалык колхоздоштуруу отурукташуу менен да коштолгон. 1931-ж. Ат-Башы районунда 2130 чарба, Кочкор районунан 4,2 миң чарба отурукташтырылган. 1932-ж. массалык коллективдештирүүнүн натыйжасында Нарын дубанындагы 19912 чарба 127 колхозго бириктирилген. Колхоздоштуруу Нарын дубанында 2–3-беш

жылдыктарда улантыла берген. Коммунисттик партиянын негизги максаты, кандай дагы жол менен болбосун, айыл чарбасын социалисттик жолго салуу болгон. Аны 10 жылга жетпеген мөөнөттө аткарууга ашыгышкан. Натыйжада 1936-жылдын 1-январына карата Ат-Башы району – 95,4%, Нарын–83,2%, Жумгал–80,1%, Кочкор – 98,3%, Тогуз-Торо – 87,7% колхоздоштурулду деген маалымат борборго берилген. Нарын дубаны боюнча 248 колхоз уюштурулган. 2-беш жылдыкта Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал райондорунда, 1938-ж. Ак-Талаа районунда МТС уюшулган. 1940-ж. Тянь-Шань облусундагы колхоздор ирилештирилип, 247 айыл чарба артели уюшулган. Бул артелдерге 16112 чарба бириктирилген, 98,6% көчмөн калк биротоло отурукташтырылып, айылдарда социализм биротоло жеңгени даңазаланган. Коллективдештирүү мезгилинде Нарын дубанында айдоо аянттар, сугат системалар жакшыртылган. 1937-ж. Тянь-Шань сугат башкармасы түзүлгөн. Бардык райондордо сугат арыктары казылган. Натыйжада, 1940-ж. Нарын дубанында 93,5 миң га жер айдалып, эгин эгилген. 1940-ж. Борбору Теңир-Тоодо 148 км таш жолу салынып, анда 11 миң адам иштеген. Бардык райондор дубандын борбордук Нарын шаары менен таш жолдор аркылуу бириктирилген. 1938-ж. Нарын дубанында 58 айыл кеңеши 19 райондун борбору менен телефон аркылуу байланыша алган. Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Нарын дубанынын маданий-агартуу иштеринде бир топ ийгиликтер жаралган. 1920–21-ж.ж. Нарын уездинде 1 клуб, 4 китепкана, 3 чакан окуу залы, 4 боз үйдө окуу бөлмөсү, 1 киноаппарат, кыргыздардан турган бир чакан элдик театр, сабатсыздыкты жоюу үчүн үндөгөн мектептер болгон. 1920-ж. Нарында тентиген балдар үчүн балдар үйү ачылып, анда 99 бала окуган. 1921-ж. Кочкордо 1-жолу башталгыч мектеп ачылган. 1920-ж. Ташкендеги кыргыз-казак интернатына Нарын чөлкөмүнөн 5 бала кабыл алынган.

1919-ж. Верныйда ачылган 6 айлык мугалимдер курсун Нарын чөлкөмүнөн А. Аралбаев, Ж. Чолпонбаев, А. Матеев ж. б. бүтүргөн. Бул жылдары Нарын дубанында Абылкасым Жутакеев, Иманаалы Бакеев сыяктуу агартуучулар эмгектенген. 1927-ж. Нарын дубанынын 15 ликбез мектебинде 387 адам окуса, анын 57си аялдар болгон. 63 жалпы билим берүү мектептеринде 4891 окуучу билим алышса, алардын 800ү кыздар болгон. 1927-ж. дубанда сабатсыздыкты жоюу боюнча бюро түзүлөт. 1928–29-ж. ж. бюро дубандагы 2000 адамдын сабатсыздыгын жоюшкан. 1927-ж. 3-сентябрдан 8-ноябрга чейин Нарында эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү уюшулуп, ага жакын жердеги айылдардан элдер келишкен. 1927-жылдан баштап, Жумгал, Кочкордо медициналык тейлөө мекемелери иштей баштаган. 1940-ж. облуста 5 райондук клуб, 7 райондук жана шаардык китепкана, 60 кызыл үй, 103 мектеп китепканасы, 638 радио точка иштеген. Тянь-Шань облусундагы 62 айылда 67 клуб мекемелери, 1 театр, 14 кино койгуч аппарат, 162 орундуу 7 оорукана болуп, 25 врач, 121 медициналык кызматкер эмгектенген. 1940–41-ж.ж. Нарын дубанында 1136 мугалим эмгектенген. 167 мектепте 29,4 миң окуучу билим алган. 1937–38-ж.ж. сталиндик репрессияга дубандын 20% коммунисттери кабылган. 1938-ж. 1-январда дубанда 1174 коммунист болсо, апрель айында алардын 528и калган. Сталиндик репрессияга катардагы миңдеген адамдар да кабылып, күнөөсүз сүргүндөлүп, өлүм жазасына тартылган. 1941–45-ж.ж. Улуу Ата Мекендик согушта Нарын дубанынын калкы фронтко көптөгөн уулдарын жөнөтүп, тылда фронт үчүн зор эрдик менен эмгектенишкен. 1941-жылдын июнунан 1944-жылдын сентябрына чейин Кыргызстандан согушка 363144 жоокер чакырылса, алардын 7,6% Тянь-Шань облусунан болгон. Фронтко облустан 4,3 миң ат, 89 автомобиль жөнөтүлгөн. Мындан сырткары облустун калкы фронттогу коргонуу иштерине 2207 миң сом, 1194

ц эт жиберишкен. Кызыл Армия фонду үчүн жана танка менен самолёт курулушуна деп 11363 миң сом чогултулган. Жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам иретинде 367319 миң сом, 36909 кг азык-түлүк жөнөтүшкөн. Бул жардамдардын бардыгы дубандын эли ач-жылаңач, ачка отурганына карабай ар түрдүү жолдор менен жыйналган. Айрым учурларда мажбурланган, зордук-зомбулук жолдор менен топтолгон. Нарын дубанынан чакырылган жоокерлер фронттун бардык бөлүктөрүндө согушкан. Панфиловчулар Жаңыбаев, Кадыров, Садабаев, Мамбетов, Токтомушевдердин эрдиктери элге даңазаланган. Кавказ тоолорунда комсомолдун Тянь-Шань обкомунун катчысы С. Жүндүбаев баштаган жоокерлер согуш талаасында болгон. Нарын дубанынан Д. Асанов, А. Чортеков Советтер Союзунун Баатыры, М. А. Аубакиров, Н. Байтурсунов, У. Бейшеев Даңк орденинин толук кавалери болуп кайтышкан. Согуш мезгилинде Нарын дубанына 1826 адам эвакуацияланып, алардын бардыгы үй, жумуш менен камсыз кылынган.

Согуштан кийинки жылдарда Нарын чөлкөмү ар тараптан өнүгүп-өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 1958-ж. дубанда 27 орто мектеп, 72 башталгыч мектеп иштеп, анда 20610 окуучу окуган. 1960–61-ж.ж. 144 мектепте 1608 мугалим эмгектенип, 23,8 миң окуучу билим алган. Мындан сырткары облустагы 2 жатак мектепте 350 малчылардын балдары окуган. Облуста педагогикалык окуу жайы, айыл чарба техникуму, медициналык окуу жайы, механизациялык айыл чарба жана курулуш мектептери ачылып, аларда 845 угуучу билим алган.

Электр станцияларынын курулушу көбөйгөн. Эгер облуста 1949-ж. 2 айыл электр станциясы болсо, 1957-ж. алардын саны 10го жеткен. 1960-ж. 16 колхоздук жана колхоздор аралык чакан электр станциялар иштеген. 1960–85-ж.ж. Нарын облусу, негизинен, мал чарбачылыгы менен адистештирилген район эсептелип, Кыргыз-

стандын мал чарбасынын 24% Нарын облусуна тиешелүү болгон. 1971–75-ж.ж. Нарын облусунун өнөр жай продукциясы 3,7 эсеге өскөн. Бирок ага карабай Нарын облусуна көңүл 1976–78-ж.ж. өзгөчө бурулуп, облусту өнүктүрүүгө 140 млн сом бөлүнүп берилген. Облустун тарыхында мындай ири өлчөмдөгү сумма бөлүнүп бериле элек болчу. Бул акчага жолдор оңдолуп, электр линиялары тартылып, сугат системалары курулуп, сугат аянттар кеңейген. 1976–78-ж.ж. облуста эл чарбасына зарыл 70 объект курула баштаган. Нарында музыкалык драма театр, мейманкана курулган. 1980-ж. августта 38 колхоз, 12 совхоз болсо, алар 10-беш жылдыкта 840 трактор, 115 комбайн, 1960-жылдын аягында облуста 6 район, 37 айылдык кеңеш, 1 шаардык кеңеш болгон. Нарын шаарынан башка 2 шаарча (Достук, Миң-Куш) өсүп чыккан. Тянь-Шань облусундагы Кара-Кече, Көк-Мойнок сыяктуу көмүр кендерин иштетүү боюнча камылга көрүлгөн. Өнөр жайларды өнүктүрүүгө көңүл бурула баштаган. Автоунаалардын саны көбөйгөн. 6-беш жылдыкта облустун Куланак районунда Кажырты, Ак-Талаа районунда Чоң-Бактыгул, Ат-Башы районунда Сорго ж. б. каналдар курулган. Облуста сугат аянты 21,5 миң га көбөйгөн. 50-жылдын 2-жарымы, 60-жылдын башталышында 515 суу тосмолор курулган. 50-жылдардан баштап, айылда оруп жыйноочу машина алган. Жергиликтүү мaанидеги ГЭСтерге көңүл бурулган. Кочкор, Куланак, Ат-Башы, Он-Арча ГЭСтеринин кубаттуулугу жакшыртылган. Миң-Куш шаарчасында «Оргтехника» заводу иштеп, жер-жерлерде эт комбинаттары, тегирмендер курулган. 80-жылдардын башында облустун өнүгүшүндө сандык көрсөткүчтөр жакшы болгону менен акырындап Кыргызстанды каптаган кризистик абалга облус да кириптер боло баштаган. Айтылган сөз менен аткарылган иш айкалышпай, эл турмушу начарлап, эмгектин өндүрүмдүүлүгү төмөндөй берген.

Кайра куруу жылдарында 1985–90-ж.ж. облустагы абал ого бетер начарлап, облус экономикалык жактан

кайра курулбай эле, биротоло кыйроого кабылды. Облустун абалын оңдоо үчүн жаңы реформаларды жүзөгө ашыруу талап кылына баштаган. Республикадагы саясий партиялардын облустук уюмдары түзүлдү (мис., «Эркин Кыргызстан» демократиялык партиясы, «Ата Мекен» партиясы, КДК партиясы, социал-демократиялык партия ж.б.). Социалисттик принципте түзүлгөн экономика облустун бардык тармактарында жашоосун токтотту. Өнөр жай, айыл чарбасына тиешелүү маанилүү объектилер 1992-жылдан бери менчиктештирилүүдө. Жер реформасы жүрүп, эл түбөлүктүү жер ээси болуп, эмгекке болгон кызыгуу артууда.

# КЫРГЫЗСТАН ЭГЕМЕНДИК ЖЫЛДАРЫНДА

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эң маанилүү окуялар болгон. Кыргызстандын 1990-ж. февралда шайланган Жогорку Кеңеши республиканын эгемендүүлүккө жетүү жолунда саясый мааниге бир катар документтерди: «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө» (1990, 15-декабрь) жана «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларацияларды (1991, 31-август), мамлекеттин Туусун (3.3. 1992: авторлору: окумуштуу С. Иптаров, сүрөтчүлөр – Б. Жайчибеков, Ж.Матаев, архитекторлор – М.Сыдыков, Э.Айдарбеков), мамлекеттин Гимнин (18.12.1992: сөзү – Ж.Садыков, Ш.Кулиевдики, обону – К.Молдобасанов менен Н.Даблесовдуку), мамлекеттик Гербин (14.01.1994, авторлор: сүрөтчү А.Абдраев жана милициянын генералы С.Дубанаев) кабыл алган. 1994-жылы мамлекеттик Гербди тандоо конкурсуна 1223 гербдин долбоору катышып, чечүүчү учурда Жогорку Кеңештин депутаттары улуттук менталитет жана дүйнө тааным философиясы жетелеген интуиция менен Манас бабанын Ак Шумкары тартылган гербге көпчүлүк добуштарын беришкен. Улуу эпосто баяндалган Ак Шумкардын уясы Нарын жергесинде болсо, мамлекеттик гербдин авторлору да нарындыктар. Абдраев Асейин – сүрөтчү, Кыргыз Республиканын маданиятына эмгек сиңирген ишмери (1994), Билим берүүнүн отличниги. Кушту куш кылып турган эки канатындай, мамлекеттин да эки канаты – эркиндиктин жана экономикалык өз алдынчалыктын бүтүндүгүн, анын ичинде өз турпатына асыл нарк – символ, белги, түшүнүктөрдү камтып, миңдеген жылдарга улуттун керегине кызмат өтөрү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Кыргызстандын башка облустарынан айырмаланып, Нарын облусунун калкынын 98,8%ын жергиликтүү улуттун өкүлдөрү түзөт, калктын 82%ы айылдарда жай-

гашып, дээрлик баардыгында кыргыздар жашайт. Ошондуктан облустун калкынын социалдык турмушун жакшыртуу аракетин күчөтүү жергиликтүү жарандардын кызыкчылыктарын канааттандыруу болуп саналат. 1993-жылдын 19-апрелинен облус Эркин экономикалык аймак аталып, анын жалпы жобосу кабыл алынган. Торугарт аркылуу Кытайга жолдун ачылышы да облус үчүн зор мааниге ээ болду.

Нарын облусунда жүргүзүлгөн агрардык-жер реформасынын биринчи этабы (1991–1993-жж.) рентабелдүүлүгү төмөн колхоз-совхоздорду реорганизациялоодон жана алардын жерин дыйкандарга таратып берүүдөн башталып, калкка жер үлүштөрү, чарбадагы мүлк үлүштөрү берилген.

Айыл чарбасындагы начар абалды оңдоо үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтү экономикалык реформаларды 1994–1995-жылдарда тереңдетүү үчүн жаңы программа иштеп чыккан. Бул программаны ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылы 22- февралда «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүүнүн чаралары жөнүндө» Указы чыгарылган. Бул Указ айыл чарбасындагы экономикалык өзгөрүүлөрдү,кайра түзүүлөрдү өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, реформанын экинчи этабынын башталышына өбөлгө болгон. Ушуга байланыштуу Нарын облусунда жер жана агрардык реформаны жүргүзүүдө, биринчиден, жерди пайдаланган атуулдар жерди сатууга, арендага берүүгө, мураска калтырууга укук алышкан. Экинчиден, бир үй-бүлөнүн пайдалануусуна 20 гектардан 30 гектарга чейинки өлчөмдө жер аянттарын берүү каралган. Мында облустун табигый шарттарына ылайык, нарындыктар 30 гектарга чейин пайдаланууга жарактуу, мурда иштетилбеген жерлерди ала алышкан. Үчүнчүдөн, жер реформасынын мамилелерин айыл-кыштактарда чечүүчү жаңы орган айылдык комитеттер түзүлгөн. Алар

дыйкан жана фермерлердин укуктарын, кызыкчылыктарын коргоодо, алардын көптөгөн көйгөлүү маселелерин чечүүдө зор роль ойногон. 1998-жылы жерге жеке менчиктин киргизилиши менен айыл чарбасын реформалоонун кийинки этабы башталган. Айыл калкы 1999-жылга алган жана жайыттардан тышкары бардык айыл чарба аянтынын 75%ын түзгөн жер үлүштөрү Конституцияга ылайык алардын жеке менчигине өткөн. Натыйжада, Нарын облусунда айыл чарбасын реформалоонун убагында (1991–2005-жж.) мамлекеттик-коллективдүү менчикке негизделген чарбанын социалисттик системасын реформалоо аяктап, толук масштабдуу жана терең өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Нарын облусунда айыл чарбасын реформалоонун негизинде 69 чарба, айыл чарбасын тейлөөчү 19 мекеме-ишканалар мамлекеттен ажыратылып, алардын базасында 36538 дыйкан жана фермер чарбалар, 6 мамлекеттик эмес (кооператив, акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген коом ж.б.) юридикалык жактарга кайра түзүлүп, 36,0 миң үй-бүлө мүлк үлүшүн, 153848 адам жер үлүшүн алышкан.

1991–2005-жж. аралыгында мамлекеттик жана коллективдүү чарбалар менен бирге фермердик жана дыйкан чарбалары иш жүргүзө баштапкандыгы, алар экономикалык кризистин жылдарында өздөрүнүн жашоого укугун жана натыйжалуулугун көргөзүшкөн. Жеке, дыйкан, фермердик чарбалардын чарбалык ишмердигинин анализи алардын экономиканын акырындап стабилдешүүсүнүн шартында товардык айыл чарба продукциясын өндүрүүдө үстөмдүк кылуучу орунду ээлегенин көрсөтөт. Эгерде айыл чарба продукцияларын өндүрүү 1992-жылы колхоз-совхоздорго жана ири айыл чарба ишканаларынын үлүшүнө (84,3%ы) тиешелүү болсо, 2005-жылы айыл чарба продукцияларынын дээрлик бардыгы жеке, дыйкан жана фермердик, ошондой эле көмөкчү чарбаларга тиешелүү болгон.

Дан чарбасы Нарын облусунда дыйканчылыктын негизин түзөт, бирок дан эгиндери ээлеген айдоо аянты он беш жылда кыскарып, алардын түшүмдүүлүгү жана дүң жыйымы төмөндөгөн. Дан эгиндеринин дүң жыйымы (1992-ж.) 148,2 миң тоннадан (2005-ж.) 76,9 миң тоннага азайган. Ал эми картошканын түшүмдүүлүгү 1992-ж. 39,7 центнерден 2005-жылы 142,7 центнерге өскөн, жашылчанын түшүмдүүлүгү 1992-ж. 37,7 центнерден 2005-ж. 122,5 центнерге өскөн.

Облуста айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттары көбөйтүлгөн. Эгерде 1990-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты 60,9 миң гектар болсо, 2002-жылы 123,8 миң гектарды түзүп, дээрлик 2 эсеге көбөйгөн. Тамак-ашка керектелүүчү өсүмдүктөрдүн, өзгөчө буудайдын аянтынын көбөйүшү (1991-жылдан баштап, 2002-жылга чейин 29,4 миң гектарга көбөйгөн) айдоо жерлерин которуштуруп айдоо системасынын бузулушуна алып келген.

Нарын облусунда малдын санынын кыскарышы мал чарба продукцияларын өндүрүүгө тескери таасирин берген, эгерде 1995-жылы 1990-жылга караганда мал чарба продукцияларын өндүрүү азайган болсо, 1996-жылдардан кийин мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү акырындык менен өскөн. Нарын облусу эт өндүрүү боюнча башка региондорго салыштырмалуу жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Эгерде, 1996-жылдан 2005-жылга чейин эт өндүрүү (союлгандан кийинки салмакта) Нарын облусунда 27,8% га өскөн болсо, Ош облусунда 7,3% га, Жалал-Абад облусунда 6,1% га, Баткен облусунда 4,3% га гана өскөн, ал эми Ысык-Көл облусунда 15% га, Талас облусунда 7,5% га, Чүй облусунда 28,8% га азайган. Каралып жаткан жылдарда уйдун башы 92,5 миңден 115,0 миң башка көбөйгөн. Бирок уй чарбасынын продуктулуулугу жалпы облус боюнча начарлаган. Облуста 1992-жылы 69,6 миң тонна, 1996-жылы 75,8 миң тонна, 2005-жылы

91,9 миң тонна сүт саап алынган. Сүт өндүрүү, негизинен уйдун санынын өсүшү менен байланыштуу болуп, бирок ар бир уйдан сүт саап алуу азайган. Мисалы, 1991-жылы облустун бардык категориядагы чарбаларында ар уйдан сүт саап алуу 2593 килограммды түзгөн болсо, 1996-жылы 1622 кг, 2005-жылы 1740 кг түзгөн. Ар бир уйдан сүт саап алуу боюнча республикада Талас, Ысык-Көл жана Ош облустары жогорку көрсөткүчтү ээлесе, ал эми Нарын жана Баткен облусу төмөнкү керсөткүчтү ээлеген. 1991–2005-жылдарда ири мүйүздүү малдын көбөйгөндүгүнө байланыштуу облуста бардык чарбаларда өндүрүлгөн эттин 40%га жакынын уй эти түзгөн. Облуста кой-эчкинин башы кескин кыскаргандыгына жана жүндүн сатып алуу наркы төмөндөгөнүнө байланыштуу жүн өндүрүү азайган. Эгерде 1992-жылы 7,9 миң тонна жүн өндүрүлсө, 2003-жылы 2,0 миң тонна гана жүн өндүрүлүп, натыйжада жүн өндүрүү 75%га кыскарган. Кочкор району жүн өндүрүү боюнча республикада экинчи орунда турган, анын үлүшүнө өлкөдөгү бүткүл өндүрүлгөн жүндүн 5,5%ы туура келген. Республиканын түндүгүндөгү бийик тоолуу райондордо жүн өндүрүү түштүктөгү чарбаларга караганда көбүрөөк өнүккөн.

Эгемендүүлүктүн эң алгачкы жылдарында эле Кыргыз Республикасында билим берүү маанилүү мамлекеттик маселе катары аныкталган. Коомдун турмушундагы ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү тармагына да таасир тийгизбей койгон жок. Айрыкча мектепке чейинки мекемелерди каржылоонун төмөндөшү, алардын кыскарышына алып келген. Каралып жаткан жылдарда Нарын облусундагы мектепке чейинки балдар мекемелери 4 эсеге кыскарган. Айыл жергесинде ведомстволук балдар мекемелери толугу менен жоюлган, мунун негизги себеби облуста колхоз-совхоздордун реформаланышы менен балдар мекемелери алардын эсебинен каржыланбай калган.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринин кыскарышына жана балдар бакчасында акы төлөөнүн жогорулагандыгына байланыштуу, мектепке чейинки билим алчу балдардын саны да кескин кыскарган. 2005-жылы 1991-жылга салыштырмалуу Нарын облусунда балдар мекемелерине барган балдардын саны 3722 балага, ал эми айыл жергесинде 1015 балага кыскарган. Ушул жагдайларды эске алуу менен билим берүү системасын жакшыртууга, аны базар экономикасына ылайык реформалоого карата мамлекеттик деңгээлде бир кыйла иш-чаралар көрүлүп келген. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери «Билим берүү мыйзамы», Билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы, «Билим» (1996-ж.), «XXI. кылымдын кадрлары» (1995-ж.), «Жеткинчек» (1999-ж.), «Аракет» (1998-ж.) ж.б. маанилүү документтер кабыл алынган «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери» программасында да жакырчылыкты жоюу максатынын бир багыты катары билим берүүнү эл аралык деңгээлге шайкеш өнүктүрүү жана реформалоо маселелери белгиленген.

Өткөөл мезгилде жүргүзүлгөн реформалар биздин коомубуздун бүткүл жашоо чөйрөлөрүнө, бардык түзүмдөрүнө, анын ичинен айыл мектептеринин ишмердиктерине да олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди. Нарын облусунда 2005–2006-окуу жылында 137 мектеп болсо, анын ичинен 123ү же 90%ы айылдык мектептер болгон.

Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушун анализдөөдө, Нарын облусунда башка облустарга салыштырганда мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушу жогору болгон. 1996-жылы Нарын мамлекеттик университетинин ачылышы жана ушул университетте мугалимдик кадрлар даярдала турган бөлүмдөрдүн болушу облустун мектептерин мугалим кадрлар менен камсыз болушуна чоң жардам берген.

Нарын облусунун калкынын интеллектуалдык, илимий жана экономикалык потенциалын көтөрүү макса-

тында Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы Указы менен Нарын мамлекеттик университети (НМУ) ачылган.

Билим берүүнүн маанилүү тармагы болуп кесиптик-техникалык билим берүү эсептелинет. Областтын рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө чет өлкөлүк адистер жана чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу да жакшы жардам беришкен. 2001-жылдан бери Нарын облусунун кесиптик окуу жайларында «Хельветас» Швейцариялык эл аралык кызматташуу ассоциациясынын колдоосу менен «Айылдык кесиптик билим берүү» долбоору 7 кесиптик окуу жайларында «фермер» жана «фермер айым» кесиптерине окутуу жүргүзүлгөн. «Хельветас» айылдык кесиптик билим берүү долбоору менен биргелешип иштешүүдө кесиптик окуу жайларынын теориялык жана практикалык окууларына жаңы инфаструктуралар түзүлүп, инновациялык методдор киргизилип, республикада Нарын облусунун кесиптик-техникалык билим берүү системасы жакшы жетишкендиктерге ээ болгон.

Нарын облусу өзүнүн татаал климаттык шарты, борбордон алыстыгы, бир тараптуу айыл чарба региону болгондуктан ар дайым мамлекеттен каржыланып, дотацияда туруп келген. Өлкөдө жер жана агрардык, социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүүдө республиканын жалпы калкына кандай кыйынчылыктар келсе, ал облустун элинин үлүшүнө эки эсе көп туура келген. Облустагы жакырчылыктын өсүшү, жумушсуздуктун көбөйүшүнө да байланыштуу болгон. Облус боюнча официалдуу статус алган жумушсуздар 2005-жылдын аягында 7822 адамды түзүп, 1998-жылга салыштырганда 40%ке өскөн. Экономиканы өнүктүрүүнүн жана кедейчиликти жоюунун таасирдүү жолдорунун бири бул калкты жетиштүү кредиттик ресурстар менен камсыз кылууга байланыштуу. Микрокредиттөө системасынын натыйжалуулугун жого-

рулатуу үчүн, кайталап кредиттөө системасына жол ачуу керек, анткени кыска мөөнөттө өндүрүштү толук жолго коюп кетүү (айрыкча мал чарбасы менен алектенген фермерлерге жана дыйкандарга) дайыма эле мүмкүн эмес экенин турмуш көрсөттү.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалар начар өнүккөндүктөн фермерлер жана дыйкан чарбалары өздөрү өндүргөн продукцияларынын 95%ын арзан баада сатууга аргасыз болушкандыгы аныкталды. Жакырчылыкты жоюуда эң маанилүү фактор болуп орто жана чакан бизнести өнүктүрүү болуп саналат. 2001-жылдын ичинде облуста катталган 344 чакан жана орто бизнес субъекттеринин ичинен болгону 19%ы иштеген, алар өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн 6,6%ын өндүргөн. Иштеген ишканалардын саны 2000-жылы 97 болсо 2005-жылы 91 болуп, 6,2%га азайган. Чакан жана орто бизнес субъектилеринин ишинин ушундай төмөн деңгээли, алардын айылдарда аз санда экендиги кыйла проблемалар бардыгын күбөлөндүрүп турат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй айыл чарбасы өнүккөн учурда гана мамлекеттин материалдык жыргалчылыктары камсыз болуп, көптөгөн социалдык маселелер тезинен чечилип келет.

## Пайдаланылган адабияттар

*Абрамзон С.М.* Киргизы. – Фр.: 1990.

*Алагушов Б.* Кыргыз музыкасы. Энциклопедия. – Б.: 2007.

*Бартольд В.В.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1997. 456 б.

*Байтур А.* Кыргыз тарыхынын лекциялары. – 1986.

Биздин Кыргызстан – популярдуу тарыхый энциклопедия (байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейин) Б.: 2004.

*Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. 1–2 том.: Б.: – 1997–98.

*Бектуров О. Акмат уулу,* Жумагулова Б, Жанузаков Ж. Нарын – 125. Нарын – 1993. – 56 б.

*Бектемирова А.К.* Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу (1991–2005 жж.) Автореферат. Б.: 2009.

*Джамгерчинов Б.* Очерк политической истории Киргизии XIX века (1-я половина). – Фр.: 1966.

Историко-культурный атлас Кыргызстана. – Б.: – 2001.

*Караев О.* История караханидского каганата (X начало XIII вв.) – Фр.: 1983.

*Кляшторный С.Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М.: 1964.

*Койчиев А.* Осмоналы Сыдык уулу жана анын «Тарыхтары». – Б.: 1992.

Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. / Түзгөн *Кеңеш Жусупов.* 1–4-китеп. – Б.: 1993.

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы. Энциклопедия. (Башкы ред. *Б.Орузбаева.*) – Ф.: 1983.

Кыргыз ССР тарыхы. I–II том. «Кыргызстан» басмасы. Ф.:1973.

Кыргыз Совет Энциклопедиясы. 1–6. том. – Ф.:1976–80.

Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. (Жооптуу редактор *А.А. Асанканов.*) Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору – Б.: 2003. 464 б.

Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. – Б.:1994.

Кыргызская наука в лицах (*У.А.Асанов, А.З.Джуманазаров, Т.К.Чоротегиндин* редакциясында). Б.: 2002.

Нарын облусу. Энциклопедия. (Жооптуу редактор *Ү.Асанов.*) КЭнин Башкы редакциясы. Б.:1998. – 420 б.

Нарын облусуна 70 жыл. Энциклопедия. (Башкы редактор *М.Бакашов.*) «Бийиктик», 2009. Б.: 296 б.

*Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К.* Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф.: 1990.

Кыргызстан энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Б.: 2001.

Кыргыз жергеси энциклопедия. – Фр.: 1990

Кыргыз тарыхы энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Б.: – 2003.

*Хасанов А.Х.* Взаимоотношение киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50–70 годах XIX века. Фр.: 1961.

*Хасанов А.Х.* Народное движение в Киргизии в период Кокандского ханства. – М.: 1977.

*Чороев Т.К.* Махмуд ибн Хусейин аль-Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы» – Фр.: 1990.

Ысык-Көл. Нарын. Энциклопедия. – Б.: 1991.

*Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А.* Кыргызстандын тарыхы. (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Б.: 2001. 519 б.

*Осмонов Ө.Ж.* Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Б.: – 2003.

*Өмүрбеков Т.Н.* Улуу нисандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу – XX кылымдын башы) Б.: 2003. 288 б.

*Токобаева Г.Ш.* Ички Теңир Тоолук кыргыздардын коомдук-саясий турмушундагы жана көз каранды эместик үчүн күрөшүндөгү чыгаан инсандардын ролу (XIX к. орто чени – XX к. башы) Б.: 2009. 21 б.).

## Тарыхый окуялардын хронологиясы

| Убактысы | | Негизги окуялар |
| --- | --- | --- |
| Б. з. ч. 800–140 миң жыл | — | Эрте палеолит Теңир-Тоодо эң байыркы адамдардын турак ала баштаашы. Он-Арчадагы таш куралдар. |
| Б. з. ч .140–40 миң жыл | — | Ортоңку палеолит доору. Таштан жасалган эмгек куралдарынын жакшыртылышы. |
| Б. з. ч. 40–10 миң жыл | — | Соңку палеолит доору. |
| Б. з. ч. 10–6 миң жылдыктар | — | Ортоңку таш доору (мезолит). Арпа, Ак-Сай өрөөнүн мекендеген байыркы адамдардын үңкүрлөрү, таш куралдары. |
| Б. з. ч. 5–3 миң жыл. | — | Жаңы таш доору (неолит). Нарын шаарна жакын Теке-Секирикте ошол доордогу адамдардын турагы. |
| Б. з ч. 2–1 миң жылдыктын башы | — | Коло доору. "Андрон маданиятынын" калкы. Арпа, Нарын өрөөнүндөгү көрүстөндөр. Шамшыдагы коло куралдар. |
| Б. з. ч. 1 миң жылдык | — | Темир доору. |
| Б. з. ч. 6–3-к. | — | Теңир-Тоону сактардын чыгыш канатынын мекендеши. |
| Б. з. ч. 2-к. | — | Нарын аймагы ар кыл эл аралык соода алакаларынын таманында жайгашып калышы. |
| Б. з. ч. 2-к. | — | Сактардын Орто Азия чордонуна журт которуусу. |
| Б. з.ч. 2-к. 60–50-ж. | — | Жети-Суу, Борбордук Теңир-Тоодо Усун мамлекетинин түзүлүшү. |
| Б. з.ч. 165–160-ж. | — | Усундар Жети-Сууну, Нарын аймагын өзүнө каратып алганы. |
| Б. з. ч. 128-ж. | — | Кытайлык элчи Чжан Цяндын Нарын аркылуу Ферганадагы Даван мамлекетине саякаты. |
| Б. з. ч. 116–115-ж. | — | Чжан Цяндын экинчи саякаты. |
| Б. з. ч. 104–103 жана 102–101-ж | — | Байыркы кытайлык Хан сулалесинин аскерлери Даван мамлектине эки ирет жортуул жасаган. Алар азыркы Торугарт ашуусу аркылуу өткөндүгүн божомол кылууга болот. |
| Б. з. 5-к. | — | Усундардын ээлигин жужандар менен эфталиттердин каратып алышы. |
| Б. з. 552-ж. | — | Улуу Түрк кагандыгынын түзүлүшү. |
| 554–556-ж. | — | Борбордук Теңир-Тоону түрк аскерлеринин ээлеши. |
| 581–704-жж. | — | Борбордук Теңир-Тоо Батыш түрк кагандыгынын карамагында. |
| 704–766-ж. | — | Борбордук. Теңир-Тоо Түргөш кагандыгынын карамагында. |

| | | |
|---|---|---|
| 766-ж. | — | Карлук жабгулугу мезгили Теңир-Тоого анын ичинен Нарын аймагына алардын келиши менен айырмаланат. |
| 766–940-ж. | — | Борбордук Теңир-Тоо Карлук кагандыгынын карамагында. |
| 940-ж. | — | Караханийлер кагандыгы пайда болгон. |
| 940–1137-ж. | — | Борбордук. Теңир-Тоо Караханийлер кагандыгынын карамагында. |
| 960-ж. | — | Ислам дини Караханийлер мамлекетинин динине айланган. Ошол доордон тартып, Нарын аймагында мусулмандык салт расмий тарай баштаган. |
| 9-к. ортосу –10-к. ичинде | — | Нарындык йагмалар менен кыргыздардын батыш өкүлдөрү өз ара этностук-маданий алакага ээ болгон. |
| 10-к. аягы – 12-к. | — | Ат-Башы өрөөнүндө Таш-Рабат кербен сарайы курулган. |
| 11-к. | — | Махмуд Кашгаринин географиялык маалыматтарында Нарын аймагындагы жер-суу аттары: Ак-Сай, Торугарт, Кара-Жылга, Кочкор, Жылдыз-Көл, Шамшы ж.б. аталат. |
| 1137–1218-ж. | — | Борбордук Теңир-Тоодо кидандардын (кара кытайлардын) үстөмдүгү. |
| 1218–1219-ж. | — | Чынгызхандын аскерлеринин Кыргызстанга жортуулу. Нарын аймагы Чынгыз хандын ири дөөлөтүнүн курамына каратылган. |
| 1269-ж. | — | Хайду хандыгынын түзүлүшү. 13-к. 60-ж. тартып, 14-к. орто ченине чейин Нарын аймагы Хайду хандыгынын карамагында. |
| 13-к. башы | — | Араб тарыхчысы Ибн ал-Асир "Тарих ал-камил" аттуу эмгегинде 11-к. ортосунда Караханийлердин ички такты талашуу күрөштөрүн жазып, Ат-Башы чебин эскерет. Төбөл Жакыптегин чепти башкарып турган. |
| 1348-ж. | — | Моголстан мамлекетинин түзүлүшү жана Теңир-Тоонун анын карамагына өтүшү. |
| 1377–78-ж. | — | Ат-Башыда моголдордун Амир Темирдин аскерлеринен жеңилиши. |
| 1390-ж. | — | Амир Темирдин аскерлеринин Арпа өрөөнү аркылуу Теңир-Тоого жортуулу. |
| 15-к. 80-ж. | — | Түндүк Кыргызстанда көпчүлүк кыргыз уруулары кирген этносаясий бирикменин калыптанышы. Ахмед Алача хан башкарган. |
| 15-к. 16-к. башы | — | Кыргыз элинин калыптанышы. |
| 16-к. башы | — | Мухаммед-кыргыз кыргыздардын ханы. |
| 1524-ж. | — | Казак ханы Тахир хандын Кочкордо могол ханы Султан Саид хан менен жолугушуусу жана Мухаммед Кыргыз менен ынтымак түзүүсү. |

| | | |
|---|---|---|
| 1527-ж. | — | Казак ханы Тахирдин Ат-Башыга келиши жана кыргыздардын ага кошулушу. |
| 16-к. 1-жарымы | — | Могол хандарынын Теңир-Тоодогу баскынчылык аракеттери. |
| 17-к. 40-ж: 18-к. орто чени | — | Жунгар хандыгынын баскынчылык аракеттери. |
| 1757-ж. | — | Ойротторду куугунтуктаган Цин аскерлеринин кол башчысы Чжао Хойдун Нарын аймагына келиши. |
| 1757-ж. | — | Сарыбагыш, саяктардын Черикчи бий, Ныша бий, Турду бий баш болгон элчилеринин Пекинде Кытай императору менен жолугушуусу. |
| 1758-ж. | — | Теңир-тоолук кыргыздар кайра өз мекенине калмак ээлиги урагандан кийин көчүп келишкен. |
| 1760-ж. | — | 1000 түтүндөн ашуун кыргыздын Чыгыш Түркстандан Ат-Башыга көчүшү. |
| 18-к. 70–80-жылдары | — | Теңир-тоолук кыргыздар менен казактардын мамилесинин солгундашы. Натыйжада, Теңир-Тоого Көкжал Барак, Абылай хандар жортуулга аттанышып, аларга каршы кыргыздар биригишкен. |
| 1825–26-ж. | — | Атантай, Тайлак баш болгон нарындык кыргыздардын Чыгыш Түркстандагы Жаңгир кожонун кыймылына катышуусу. |
| 1831-ж. | — | Кокондук аскерлердин Нарын аймагына жортуулу. |
| 1832-ж. | — | Кокондуктардын Куртка чебин курушу. |
| 19-к. 30-жылдарынын 1-жарымы | — | Атантай, Тайлак жол башчылык кылган нарындык кыргыздардын көтөрүлүшү. |
| 1843-ж. | — | Бугу, саяк, сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик ж. б. уруулардын манаптарынын жыйынында Ныязбек уулу Ормондун хан көтөрүлүшү. |
| 1846–47-ж. | — | Кыргыз-казак согушу. Согушта Ормон хан башында турган теңир-тоолук кыргыздар да катышып, Кенесары хан жетектеген казак кошууну жеңилген. |
| 1857-ж. | — | П.П.Семенов менен П.М.Кошаровдун Борбордук. Теңир-Тоого саякаты. |
| 1858–59-ж. | — | Ч. Валихановдун Нарын аймагы аркылуу Кашкарга саякаты. |
| 1863-ж. | — | Орус империясынын Теңир-Тоодогу кыргыз урууларын баш ийдирүүсү. |
| 1863-ж. май-июнь | — | Капитан Проценко башкарган “кашгар отрядынын” Нарын аймагына жер чалуу максатындагы жүрүшү. |

| | | |
|---|---|---|
| 1863-ж. июнь | — | Орус аскерлери менен нарындык кыргыздардын Ак-Талаадагы кагылышы. |
| 1863-ж. 13-октябрь | — | Черик уруусунун башчылары Омбу шаарына барып, Орусияга баш ийгендиги тууралуу ант кабыл алышкан. |
| 1864–65-ж. | — | Ички Теңир-Тоону мекендеген бугу-тынымсеит уруусу, саяк уруусунун Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген уруктарынын бир бөлүгү Орусияга баш ийдирилген. |
| 1867-ж. жайы | — | Нарынга полковник Полторацкий кайрадан аскердик жүрүш жасайт. Үмөтаалынын багындырылышы. |
| 1867-ж. | — | Н. А. Северцовдун Нарын жана Ак-Сайга саякаты. |
| 1867-ж. | — | Жети-Суу облусунун түзүлүшү. Анын карамагына Нарын аймагы кирген. |
| 1867-ж. | — | Түркстан облусу генерал-губернаторлук болуп түзүлгөн, Теңир-Тоо чөлкөмү Ысык-Көл жана Токмок уезддерине караштуу болгон. |
| 1868-ж. | — | Нарын аскер чебинин курулушу. |
| 1868-ж. | — | Нарын аскер бейтапканасы ачылган. |
| 1875-ж. | — | И.В.Мушкетовдун Соң-Көл, Кочкор аркылуу саякаты. |
| 1876-ж. | — | Токмок–Нарын араба жолунун курулушу. |
| 1877-ж. декабрь | — | Быянху баш болгон шэнсилик дунгандардын Нарынга келиши. |
| 1878-ж. | — | И.В. Мушкетовдун Чатыр-Көл, Арпага саякаты. |
| 1883-ж. | — | Ат-Башыда көпөстөрдүн жыл сайын жыйынынын жана жарманке (ярмарка) өткөрө башташы. |
| 1888-ж. карата | — | Нарын жана Ат-Башы соода кыштактарынын калыптанышы. |
| 1893-ж | — | Нарын–Торугарт–Кашкар жолунун салынышы. |
| 1893–94-ж.ж. | — | Борбордук Теңир-Тоого В. В. Бартольддун келиши. |
| 1897-ж. | — | Нарында почта бөлүмүнүн ачылышы. |
| 1899-ж. | — | Ф. В. Поярковдун Кочкор, Жумгал өрөөндөрүнө жана Соңкөлгө барышы. |
| 1899-ж. | — | Жумгалда орус-жергиликтүү мектебинин ачылышы. |
| 1902-ж. | — | Таш-Рабатты, Кошой-Коргонду, Нарындагы аска бетиндеги сүрөттөрдү Н.Н Пантусовдун изилдеши. |
| 1905-ж. | — | Ат-Башы айылында жатак мектептин ачылышы. |
| 1910-ж. | — | Пржевал уездинин Ат-Башы бөлүгүнө караштуу аймак 10 болуштуктан турган. |
| 1911-ж. | — | Жумгалда “Курмандын мектебинин” ачылышы. |
| 1912-ж. | — | Кочкордо жаңыча усул мектебинин ачылышы. Куланакта, Курткада жаңыча усул мектепттеринин ачылышы. |

| | | |
|---|---|---|
| 1912-ж. | — | Нарында диний мектеп ачылган. |
| 1913-ж. | — | Ат-Башыда бажыкана иштей баштаган. |
| 1913-ж. | — | Курткада усулдук мектеп ачылган. |
| 1914-ж. | — | Шаркыратма болуштугунун эли көтөрүлгөн. |
| 1915-ж. күзүндө | — | Ак-Талаалык кыргыздар салык төлөөдөн баш тарткан. |
| 1916-ж. | — | Нарын аймагында колониялык эзүүгө каршы көтөрүлүштүн башталышы. |
| 1916-ж. август | — | Нарында Солдат депутаттар Кеңешинин түзүлүшү. |
| 1917-ж. март | — | Нарын аймагынын Советтеринин съездинин ачылышы. Съездде жаңыдан шайланган Совет аймактагы бийликти колго алган. |
| 1918-ж. 8-апрель | — | Нарын шаардык-уезддик эл агартуу бөлүмү түзүлгөн. |
| 1918-ж. 13-май | — | Нарын аймагында болуштук, кыштактык жана айылдык Советтердин уюштурулушу. |
| 1918-ж., июль-август | — | Нарын ревкомунун уюшулушу. |
| 1919-ж., декабрь | — | Нарында тентиген балдар үчүн балдар үйү ачылган. |
| 1920-ж. | — | Нарындагы алгачкы ишембилик. |
| 1920-ж., 1-май | — | Нарын уездинде, Ат-Башыда ак гвардиячыл-кулактар козголоңунун башталышы. |
| 1920-ж., 5-ноябрь | — | Кыргыз кедейлеринин жана кембагалдарынын (батрак) жумалыгы. |
| 1921-ж., апрель | — | Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында мектептин ачылышы. |
| 1921-ж. | — | Кочкордо 1-жолу башталгыч мектеп ачылган. |
| 1921-ж. | — | Советтердин Нарын уезддик 1-съезди. |
| 1921-ж., 28-октябрь | — | Жер-суу реформасы жүргүзүлө баштаган. |
| 1921–1922-ж. | — | Түркстан республиканын Советтеринин БАКнын кезексиз сессиясында Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндө токтомдун кабыл алынышы. |
| 1924-ж., сентябрь | — | РСФСРдын курамында Кара-Кыргыз автономдуу областын түзүү жөнүндө ББАКтын 2-сессиясынын токтому. |
| 1924-ж., 14-октябрь | — | Кыргыз тилинде алгачкы алиппенин басылышы. |
| 1924-ж. | — | Кыргыз тилиндеги алгачкы газета "Эркин Тоонун" (1927-жылдан "Кызыл Кыргызстан", 1956-жылдан"СоветтикКыргызстан", 1991-жылдан "КыргызТуусу") жарык көрүшү. |
| 1924-ж., 7-ноябрь | — | Каракол-Нарын округунун түзүлүшү. |
| 1924-ж. | — | Каракол-Нарын округдук эл агартуу инспекциясынын уюшулушу. |
| 1924-ж. | — | Кара-Кыргыз АО Советтеринин 1 -Уюштуруу съезди. |

| | | |
|---|---|---|
| 1925-ж., 27–30-март | — | Кара-Кыргыз АОсун Кыргыз АОсу деп атоо жөнүндө ББАКтын токтому. |
| 1925-ж. | — | КАО аткаруу комитетинин 3-сессиясынын Автономдуу Кыргыз Республикасын түзүүнүн зарылдыгы жөнүндө резолюциясы. |
| 1925-ж.,ноябрь | — | Орто Азия мамлекеттик университетинин (САГУ) жер кыртышын изилдөө институтунун Нарын кантонун экономикалык жана геоботаникалык изилдөөсү. |
| 1925–27-ж. | — | КАОну Кыргыз Автономдуу Советтик Социалисттик Республикага айландыруу жөнүндө ББАКтын токтому. |
| 1926-ж., 1-февраль | — | ББАКтын Президиумунун чечимн менен Кыргызстан 7 кантонго бөлүнгөн, анын ичинен Нарын өзүнчө кантон болуп түзүлгөн. |
| 1926-ж.,6-декабрь. | — | Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюштуруу съезди. Съездде Кыргыз АССРнин түзүлүшү жөнүндө Декларация кабыл алынган. |
| 1927-ж., 7–12-март | — | Дубанда сабатсыздыкты жоюу боюнча бюро түзүлгөн. |
| 1927-ж. | — | Кыргыз жазуусунун араб алфавитинен латын алфавитине өткөрүлө башташы. |
| 1927-ж., март | — | Нарын дубанында 21008 дыйкан чарба болгон. |
| 1927-ж. | — | Нарындын шаар статусун алышы. |
| 1927-ж. | — | Жумгал, Кочкордо медициналык мекемелер ачылган. |
| 1927-ж. | — | Нарын дубанында алгачкы "Эмгекчил", "Жерге-Тал", "Жан-Булак", "Куланак", "Кошмо-Арык" к-здору уюшулган. |
| 1928-ж., март | — | Республикада айрым (мис. Чүй, Ош, Жалал-Абад) кантондордун жоюлушу жана райондордун уюшулушу. |
| 1928-ж. | — | № 53 Нарын мамлекеттик асыл-тукум жылкы заводунун түзүлүшү. |
| 1928–29-ж. | — | Кыргыз облустук партконференциясы Нарын дубанында колхоздоштурууну ишке ашырууну милдеттендирген. |
| 1929-ж., январь | — | Кыргыз АССР Советтеринин 2-съездинде республиканын Конституциясынын бекитилиши. |
| 1929-ж., 30-апрель | — | Нарын кантонунда Ак-Сай, Арпа, Соң-Көл, Солтон-Сары, Кара-Кужур жайлоо советтеринин түзүлүшү. |
| 1929-30-ж. | — | Республикада аймактык бөлүштүрүү боюнча райондук системага толук өтүү. Ат-Башы, Кочкор, Тянь-Шань райондорунун түзүлүшү. |
| 1930-ж | — | Ат-Башыда райондук ооруканасынын ачылышы. |
| 1930-ж., 6–12-февраль | — | Кыргыз АССР Советтеринин 3-съезди. |

| | | |
|---|---|---|
| 1931-ж. | — | Ат-Башы районунда 2130 чарбанын, Кочкор районунда 4199 чарбанын отурукташуусу. |
| 1932-ж. | — | Нарын дубанында 19912 чарба 127 колхозго бириктирилген. |
| 1932-ж. | — | Ат-Башыда, Кочкордо, Нарында радиоберүү түйүндөрүнүн ишке киргизилиши. |
| 1932-ж. | — | "Социалисттик чарба" ("Жениш", Нарын) гезитинин жарык көрүшү. |
| 1934-ж. | — | "Кызыл мал чарба" ("Эмгек туусу", Кочкор району.) гезитинин жарык көрүшү. |
| 1935-ж., 1-6-январь | — | Кыргыз АССР Советтеринин 4-съезди. |
| 1935-ж. | — | Ак-Талаада райондук оорукананын ачылышы. |
| 1935-ж. | — | "Социалисттик мал үчүн" ("Жеңиш жолу", Ат-Башы району.) гезитинин жарык көрүшү. |
| 1936-ж., 1-январь | — | Нарын дубаны боюнча 248 колхоз уюшулган. |
| 1936-ж., 5-декабрь | — | Кыргыз АО Кыргыз ССР болуп кайра түзүлүшү. |
| 1936-ж. | — | Ак-Талаа районунун түзүлүшү. |
| 1937-ж., 20–23-март | — | Кыргыз ССР Советтеринин Чукул чакырылган 5-съездинде Кыргыз ССРинин Конституциясынын бекитилиши. |
| 1937 ж | — | Б. М. Зима Борбордук. Теңир-Тоодогу байыркы тарыхий эстеликтерди белгилеген. |
| 1938-ж., 24-июнь | — | Кыргыз ССРинин 1-чакырылган Жогорку Кеңешине шайлоолор. |
| 1938-ж. | — | Облустук "Тянь-Шань правдасы" (1971–1988-ж. "Нарын правдасы", 1991 -жылдан "Тенир-Тоо") гезитинин жарык көрүшү. |
| 1938-ж. | — | Нарында нан заводунун ачылышы. |
| 1938-ж. | — | "Социалисттик мал чарба" (кийин "Демилге" Жумгал району) гезитинин жарык көрүшү. |
| 1938-ж. | — | Нарын шаардык басмаканасынын негизделиши. |
| 1938-ж. | — | Ак-Талаа районунда МТС уюшулган. |
| 1938-ж. | — | Чаекте китепкананын ачылышы. |
| 1939-ж. | — | Тянь-Шань облусунун түзүлүшү (1962-жылдан Нарын облусу). |
| 1939-ж. | — | Нарын педагогикалык окуу жайынын ачылышы. |
| 1939-ж. | — | Нарын музыкалык драмтеатрынын уюшулушу. |
| 1940-ж. | — | "Колхозчу" (кийин "йыл турмушу", Ак-Талаа району) гезитинин жарык көрүшү. |
| 1940-ж. | — | Таш-Рабатты В. Змиевскийдин ченеши. |

| | | |
|---|---|---|
| 1940-ж. | — | Тянь-Шань облусунда колхоздор ириленишип, 247 айыл чарба артели уюшулган. |
| 1940,1944–45, 1949-ж | — | Борбордук Теңир-Тоодо Жети-Суу, Тянь-Шань, Алай жана Тянь-Шань археологиялык экспедицияларынын А. Н. Бернштамдын жетекчилиги астында изилдөө иштери. |
| 1941-ж ., 31-январь | — | Кыргыз жазуусунун орус алфавитине өтүшү жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы. |
| 1941-ж ., 1-февраль | — | Кыргыз ССРинин 15 жылдык мааракесин майрамдоо. |
| 1943-ж. | — | Асанов Дайыр Советтер Союзунун баатыры деген наамга татыктуу болгон. |
| 1944-ж. | — | Чортеков Анварбек Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. |
| 1945-ж. | — | Нарында оорукананын ачылышы. |
| 1945-ж. | — | Баетов айылында китепкананын ачылышы. |
| 1945-ж. | — | Нарын медициналык окуу жайынын ачылышы. |
| 1945-ж. | — | Нарын токой чарбасынын түзүлүшү. |
| 1946-ж. | — | Ат-Башы айылында китепкананын ачылышы. |
| 1947-ж. | — | Жумгал токой чарбасынын түзүлүшү. |
| 1949-ж. | — | Кочкор айылында китепкананын ачылышы. |
| 1952-ж. | — | Нарын шаарында 1-Генпланынын иштелип чыгышы. |
| 1953 ж. | — | Борбордук Теңир-Тоодогу таш доорунун эстеликтерин А. П. Окладниковдун изилдеши. |
| 1951-ж. | — | Миң-Куш шаарчасынын негизделиши. |
| 1933—55-ж.ж. | — | Борбордук Теңир-Тоодогу байыркы көчмөндөрдүн көрүстөндөрүн А. К. Кибировдун казып изилдеши. |
| 1956-ж. | — | Нарында айыл чарба техникумунун ачылышы (1986-жылдан Нарын совхоз - техникуму). |
| 1958-ж. | — | Нарын музыкалык драмтеатрынын кайрадан ачылышы. |
| 1958—59-ж.ж. | — | Борбордук Теңир-Тоонун байыркы эстеликтерин П. Н. Кожемяконун изилдеши. |
| 1962-ж ., 30-декабрь | — | Нарын облусунун жоюлушу. |
| 1962-ж. | — | Тянь-Шань мамлекеттик асыл тукум мал заводунун түзүлүшү. |
| 1963-ж. | — | Ат-Башы кирпич заводунун ишке берилиши. |
| 1964-ж. | — | Нарын эт комбинатынын ишке киргизилиши. |
| 1965-ж. | — | Нарын сүт заводунун ишке киргизилиши. |

| | | |
|---|---|---|
| 1965-ж. | — | Нарында райондор аралык асыл тукум мал даярдоо жана таркатуу бирикмесинин түзүлүшү. |
| 1966-ж. | — | Нарында китепкананын ачылышы. |
| 1968-ж. | — | Достук шаарчасынын уюшулушу. |
| 1969-ж. | — | Нарында автовокзалдын курулушу. |
| 1970-ж. | — | Ат-Башы ГЭСинин иштей башташы. |
| 1970-ж., 11-декабрь | — | Нарын облусунун кайрадан түзүлүшү. |
| 1970-ж. | — | Тынчтыктын советтик фондунун Нарын облустук бөлүмүнүн түзүлүшү. |
| 1971-ж. | — | Нарында маданият жана эс алуу паркынын негизделиши. |
| 1971-ж. | — | Кочкордо "Сейил" маданият жана эс алуу паркынын негизделиши. |
| 1972-ж. | — | Совет-моңгол достук коомунун Нарын облустук бөлүмүнүн уюшулушу. |
| 1978-ж ., 19–20-апрель | — | Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Кезексиз чакырылган 8-сессиясында Кыргыз ССРинин Конституциясын (Негизги Закон) кабыл алуу жөнүндө Декларациянын кабыл алынышы. |
| 1979-ж. | — | Кочкордо тарых - край таануу музейинин ачылышы. |
| 1980-ж. | — | Миң-Куш шаарчасында "Оргтехника" заводу иштеген. |
| 1982-ж. | — | Ак-Талаада кирпич заводунун ишке киргизилиши. |
| 1988-ж. | — | Ысык-Көл жана Нарын облустарынын биригиши. |
| 1988-ж. | — | Нарында автомобиль транспортунун өндүрүштүк бирикмесинин уюшулушу. |
| 1988-ж. | — | Нарында темир-бетон буюмдарын жасоочу заводдун ишке киргизилиши. |
| 1989-ж., 23-сентябрь | — | "Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамдын кабыл алынышы. |
| 1990-ж., 27-октябрь | — | Кыргызстандын биринчи Президентинин шайланышы (Жогорку Кеңештин сессиясында). |
| 1990-ж., 15декабрь | — | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверенитети жөнүндө Декларациянын кабыл алынышы. |
| 1991-ж | — | Нарын облусунун кайрадан уюшулушу. |
| 1991-ж. 31-август | — | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндө Декларациянын кабыл алынышы. |
| 1992-ж. 30–31-апрель | — | Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк 1-курултайы. |
| 1993-ж. 19-апрель | — | Нарын облусу Эркин экономикалык аймак аталып, анын жалпы жобосу кабыл алынган. |

| | | |
|---|---|---|
| 1993-ж. 5-май | — | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы. |
| 1994-ж. 21–23-январь | — | Кыргызстандын элинин 1-курултайы. |
| 1995-ж. 5-февраль (19-февраль экинчи тур). | — | Кыргыз Республикасынын эки палаталуу ЖК шайлоолор. |
| 1995-ж. 25–30-август | — | "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо. |
| 1995-ж. 24-декабрь | — | Кыргыз Республикасынын Президентин жаңы мөөнөткө жалпы элдик шайлоо. |
| 1996-ж. 22-май | — | Нарын мамлекеттик университетинин уюшулушу. |
| 1996-ж. 10-февраль | — | Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамды кабыл алуу боюнча референдум. |
| 1996-ж. 17-февраль | — | Кыргызстандын элинин 2-курултайы. |
| 1996-ж. | — | "Турук" көмүр кенинин ишке киргизилиши. |
| 1997-ж. 5-август | — | Нарын облустук аксакалдардын семинары (Соң-Көл). |
| 1997-ж. 18-октябрь | — | Нарын шаарынын 70 жылдыгы. |
| 1999-ж. | — | Кыргыз Республикасында эл каттоо өткөрүлгөн. |
| 1999-ж. | — | Баткен аймагына (Зардалы) диний-экстремисттердин тобу кол салып, чеgranын коопсуздугуна коркунуч туудурган. |
| 1999- ж. 13-октябрь | — | Баткен облусун түзүү жөнүндөгү мыйзамга кол коюлган. |
| 2000-ж. 20-февраль | — | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоолор болуп өткөн. |
| 2000-ж. 4-5 октябрь | — | Ош шаарынын 3000 жылдык мааракеси. |
| 2001-ж. | — | Кыргыз Республикасында туризм жылы. |
| 2002-ж. октябрь | — | Кыргызстанда Эл аралык Тоо жылы боюнча саммит өткөн. |
| 2002-ж. 20- декабрь | — | БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 57-сессиясында Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүдөгү резолюция кабыл алынган. |
| 2003-ж. 29-30 август | — | Кыргызстанда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган таазим жана түлөөнүн өткөрүлүшү. |
| 2005-ж. 24-март | — | Өлкөдөгү жогорку саясий бийликтин алмашуусу. Элдик революция күнү. |
| 2005-ж. 10-июль | — | Кыргыз Республикасынын президенттинин шайланышы. К.С.Бакиев өлкөнүн экинчи президенти. |

2006-ж. — Жаңы партиялык системага негизделген парламенттин депутаттарынын шайланышы.

2009-ж., 23-июль — Кыргыз Республикасынын президентинин шайланышы.
К.С.Бакиев өлкөнүн президенти.

2010-ж., 7-апрель — Экинчи элдик революция. К.Бакиевдин бийликтен кетиши.

2010-ж., июнь — Роза Отунбаева Кыргыз Республикасынын Президентти.

*Илимий-популярдуу басылма*

**Иманалиев Сыдык**

**Нарын облусунун тарыхы**

Корректору *Ж. Теңирбергенова*
Мукабасын иштеп чыккан *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Н. Жуманалиев*

Форматы 64x84 1/16.
Көлөмү 4,25 б.т. Заказ № 480
Нускасы 300 даана.

«Бийиктик» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 66–17–25.